

9 А.Аттокуров: «Чөлдө да суу сатып бизнес кылса болот»

14 Кызыл камчы курмандыктары



Калыс көз караш!

# САРЕСЕП

13-август, 2015-жыл
№13 (13)
saresep.kg



С. Масаулов: «Түштүк фронтту 2016-жылдын жазында ачышат» 3-бетте



Н.Калыбеков: «Акын же жазуучу болуш үчүн көп окуш керек» 10-бетте



Т.Төлөмүшев: "Шабдандын арбагы урсун буларды" 11-бетте




А.Громыко: «Саясий оюндар зыянын тийгизүүдө» 12-бетте

## Бажы Биримдигинен ЕАЭБге келген 5 жылдык узак жол

2, 7-беттерде





## 163 өндүрүм боюнча бажы пошлинасы өзгөрбөйт

ЕАЭБге киргенине карабастан Кыргызстандын аймагында 163 товардык позиция (ТП) боюнча бажы пошлинасы өзгөрбөгөн бойдон калмакчы. Ал 163 ТП 25 товардык топко кирет. Алардын ичинде төмөнкүлөр бар:

– өнөр-жай өндүрүмдөрү – машина чыгаруучу өнөр-жай ишканалары керектөөчү материалдар, жардыруучу заттар, пластмасса буюмдары, тамак-аш өнөр-жайында керектелүүчү боёктор ж.б.у.с. 57 товардык позиция;

– айыл-чарба өндүрүмдөрү – үрөндүк фонд, балыктардын азыгы, гербициддер, ветеринардык вакциналар, малалар, пресс-подборщиктер, тоют үчүн керектелүүчү айыл-чарба шаймандары, кызылча жыйноо машиналары, муздаткыч жабдыктары, күнөсканалар ж.б.у.с. 34 товардык позиция;

– унаалар – трактор жана комбайндар сыяктуу унааларды камтыган 35 товардык позиция;

– саламаттык-сактоо – вакциналар менен дары-дармектерден турган 37 товардык позиция.

ЕАЭБдин Бирдиктүү товардык тарифтеринин орто эсептелген ставкасы 5,71 пайызды түздү. КРдын азыркы бажы тарифинин ставкасы – 5,04 пайыз.




# ЕАЭБдин алкагындагы атаандаштыкта Кыргызстандын мүмкүнчүлүгү чоң

ЕАЭБдин министри даражасындагы Комиссиясынын мүчөсү Данил Ибраев Кыргыз Республикасынын кээ бир өзгөчөлүктөрүн белгилеп кетти.

Биринчи өзгөчөлүгү – Кыргызстандын эли. 1990-жылдардан бери кыргыз эли өзүн аракетчил, максатына умтула билген эл экенин көрсөттү. Экинчиси – геосаясий жактан ылайыктуу жайгашуу мүмкүнчүлүгүн пайдалануу. Кыргызстанга чектеш Кытайдын чоң өндүрүш базасы бар болгондуктан, кээ бир ресурстарды бул өлкөгө өткөрүү мүмкүндүгү бар. Товарларды Батышка жеткире турган кургактагы жолдун пайда болуусу. Үчүнчүсү – бизде суу ресурстары, көмүр, темир, алтын жана энергетикалык мүмкүнчүлүктөр бар. Биздин электр энергияны экспорттого мүмкүнчүлүгүбүз чоң.

Ачык-айкын система болгондо, бирдиктүү терезе системасы курулганда, бизнести жүргүзүү оңой болгон учурда гана Кыргызстан бул биримдикте утушка жете алат. Азыр Кыргыз Республикасы компанияларды тез каттоо боюнча илгери орундарда турат.

Данил Ибраев Кыргызстанда жемкорлуктун деңгээлин төмөндөтүш керек экендиги менен бирге, жогоруда айтылган артыкчылыктардын бардыгын өнөктөштөргө туура түшүндүрүш керек экендигин баса белгиледи.

# Бажы Биримдигинин каттоо эрежелери 3 бөлүмдөн турат

Кыргызстандын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекеттик эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин билдирүүсү боюнча өлкөнүн аймагына киргизилген адамдын ден-соолугуна зыян берүү мүмкүндүгү бар бардык өндүрүмдөр санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөн өткөрүлөт.

Бул товарлар "Бажы биримдигинин бажы чек аралары менен бажы аймагына кирген санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдөн өтүүчү товарлардын бирдиктүү тизмеги" (мындан кийин – Тизмек) аттуу документке жараша тескелет.

Бул Тизмек үч бөлүмдөн турат:




1-бөлүмгө мамлекеттик каттоонун кереги жок, бирок санитардык эпидемиологиялык көзөмөлдү талап кылган товарлар тизмеги кирген. Мындай товарларды Кыргызстанга жана ББнын башка мамлекеттерине коопсуздугун тастыктоочу документи жок тоскоолсуз киргизүүгө мүмкүн. Мындай товарлардын санитардык эпидемиологиялык көзөмөлү ал колдонулуп башталганда жергиликтүү мамлекеттик эпидемиологиялык көзөмөлдөө мекемелери тарабынан жүргүзүлөт.

2-бөлүмгө мамлекеттик каттоону талап кылган өндүрүмдөрдүн тизмеги кирет. Бул бөлүмгө кирген өндүрүмдөрдү ЕАЭБдин чек араларына киргүүгө уруксат берүүчү документ катары анын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү тууралуу күбөлүгү болуп эсептелет.

3-бөлүмгө санитардык эпидемиологиялык көзөмөл жана мамлекеттик каттоо талап кылынбаган өндүрүм түрлөрүнүн тизмеги кирет.

Өндүрүмдөрдү мамлекеттик каттоо Кыргызстандын Саламаттык сактоо министрлигинин Мамлекеттик эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаменти тарабынан жүргүзүлөт.



## ЕАЭБде кыргызстандык мигранттардын дипломдору таанылат

Кыргызстандын Евразия экономикалык биримдигине кириши менен Кыргызстандык мигранттардын дипломдорун таанила баштайт. Бул тууралуу Евразия экономикалык комиссиясынын министри Данил Ибрев билдирди. "Кыргызстан эмгек ресурстары жаатында атаандаштыкка чыдамдуу. Пенсиялык камсыздоодон сырткары эмгек ресурстарын бөлүштүрүү боюнча маселе 100 пайызга чечилди", – дейт ал.

Кыргызстандын 500000ден ашуун жараны Орусияда оокат кылып жүрүшөт. Алар үчүн абал сезсүз түрдө жакшырат. Алардын дипломдорун тааный баштагандыктан, эмгек маяналары көбөйөт. Ошол учурда эле мунун бизге жагымсыз жагы да бар. Жагымдуу жагы ошол жерде жүргөндөргө гана болот. Бул нерсе диплому бар адамдардын кетип калуусунан улам биздин экономикалык потенциалыбызга кедергисин тийгизиши ыктымал", – деди Данил Ибраев.

## КРга ветеринардык дары менен тоютту киргизүү боюнча нормалар

"Кыргызстандын ЕАЭБге кирүүсү менен КРнын аймагына ЕАЭБдин курамына кирген өлкөлөрдөн ветеринардык дары каражаттарын, тоютту, тоют кошулмаларын алып кирүү ЕАЭБдин нормаларына жараша ишке ашат" – деп Айыл чарба министрлигинин пресс-кызматы билдирди.

Ушуга байланыштуу ЕАЭБке кирген башка өлкөлөрдүн аймагынан КРнын аймагына жогорудагы каражаттарды киргизүү төмөнкүчө ишке ашат:

1. Ветеринардык дары каражаттарынын, тоюттардын жана тоют кошулмаларынын таңгактарында КРнын күбөлүгү катталганын билдирген кошумча маркировкасы болушу керек(мисалы, KG 0240-11.05.2013). Маркировкалоонун ыкмасы таңгакты бузганда гана жоголо тургандыгын камсыздаш керек.

2. Ветеринардык дары каражаттарына тиешелүү өндүрүмдөргө ветеринардык тармактагы милдеттендирилген орган тарабынан берилген маалым-каты болушу керек.

3. Ветеринардык дары каражаттарын, тоютту, тоют кошулмаларын киргизүүгө милдеттендирилген орган тарабынан берилген уруксаат кагазы болуш керек.

4. Ветеринардык дары каражаттарын, тоютту, тоют кошулмаларын киргизүүдөгү шайкештикти далилдеген (шайкештик сертификат, декларация) документтер болушу керек.

5. Импорттоочулар ар квартал сайын ветеринардык тармакта милдеттендирилген органдарга ветеринардык тизме менен киргизилген дары каражаттарын, тоютту, тоют кошулмаларын максаттуу пайдалангандыгы тууралуу отчетун берип турушу керек.



# Кыргызстанда Түштүк фронтту 2016-жылдын жазында ачышат

Кыргызстандын Евразия биримдигине кирүүсүнүн негизги себеби – коопсуздук. Тиешелүү мамлекеттик мекемелер 2016-жылдын жазына даяр туруусу керек. Эң кооптуу аймак албетте, Фергана өрөөнү. Эгер сырттан түштүк фронтун ачууга мүмкүн жана керек деп чечишсе, анда бул окуя 2016-жылы Кыргызстанда болот. Себеби ал жакта этностор аралык кагылышууга даярдалып жаткан күчтөр бар





СЕРГЕЙ МАСАУЛОВ
**Кыргызстандын перспективдүү изилдөөлөр борборунун жетекчиси**

### Тажикстан тарап Өзбекстандан да кооптуу

Евразиялык экономикалык биримдикке кирүү менен чек аралардагы тактоо жана тосуу маселеси бир топ эле айкын боло баштады. Мен ойлойм, такталган жерлерди тосуу бат эле ишке ашат. Өзбектер менен чектешкен жерлер, айрыкча, Ош тараптагы өтмөк жерлер бат эле тосулат. Тажиктер менен маселе татаалыраак болот. Биз чек арадагы коркунучтар жөнүндө сөз кылсак, бул сөз көбүнчөсү, Тажикстан менен чектеш жерлерге тиешелүү. Акыркы убакта маалымат айдыңына Барак анклавынын тегерегинде болгон окуялар тууралуу кооптуу маалыматтар келгени менен чек арабыздагы эң чоң кагылышуу эки жыл мурун Сохто болуп өткөн. Өзбекстан менен чектешкен жерлерде бир аз кагылышуулар болуп турат, бирок мен муну көнүмүш, салттык нерсе деп баалайт элем. Тажиктер менен болсо, өтө олуттуу чыңалуу бар десем жаңылбайт болушум керек.

### Тажикстандын ЕАЭБге кирүүсүндө Кытайдын ролу кандай?

Мен Тажикстан менен чек араларды бекемдөө маселеси атайын создуктурулууда деген ойдомун. Себеби жакында Тажикстандын алдында ЕАЭБге кирүү перспективасы чийилип берилет. Албетте, бул тууралуу түрдүү пикирлер бар. Мисалы, тажиктер бул биримдикке кирүүгө мүмкүндүгү жок деген ишенимдер да бар. Буга Душанбе толугу менен Кытайдын экономикалык таасиринин алдында, ошондуктан Тажикстандын ЕАЭБге кошулуусу мүмкүн эмес деген себепти жүйөө катары айтып келишет.

Бирок мен эки жыл мурун Кыргызстанда "Дордой" базары менен товарларды реэкспорттоо өнүгүүндө караганда окшош абалда болгонуна көңүлүңүздөрдү бургум келет. Тажикстандагыдай эле 2010-жылы бизде да товарларды Кытайдан алып келип, башка жактарга экспорттоо негизги маселе болуп келген. Кытай жетекчилигинин өлкөсүнүн келечегин ЕАЭБдин алкагында көрүп жатабыз деген сыяктуу бир нече билдирүүсүн эске алсак, Тажикстан кытайлыктар тарабынан араздашуу оюнчугу катары каралган жок деген бүтүм чыгарсак болот. Ошондуктан Тажикстан менен биздин ортобуздагы чек аралар эптеп–септеп тосулумуш болот. Мындан кандайдыр бир көйгөйлөр жаралуусу мүмкүнбү? Буга чейинки кагылышуулар жергиликтүү деңгээлдеги маселелердин чечилбей келгенинен улам болуп келген. Ошондуктан араздашуулар өз позициясын сактап калганга аракет кылган жергиликтүү авторитеттердин аракеттерине байланыштуу болгон. Буларды салттуу, ички конфликттер десек болот.

### Негизги маселе эмнеде?

Маселе чек аранын жаңы тартиби улуттук чарбанын калыптануусуна кандай таасирин тийгизүүсү мүмкүн дегенде турат. Ушул гана эң маанилүү критерий. Чек аралардан арыбери товарлар мурункудай эле өтө берери түшүнүктүү, муну факт катары кабылдаш керек. Ачыктап айтсак, "Чек арадагы жаңы режим биздин активдүүлүгүбүздү арттырууга мүмкүндүк береби" деген суроо баарынан маанилүү. Кичи жана орто бизнес үчүн режим кандай болот, "Дордой" соода тармагынын ишмердик же логистикалык борборго айлануу режими кандайча ишке ашат ж.б.у.с. Азыр бардык маселе ушунда. Эгер ушул нерселерди камсыздап беришсе, биздин аста–аста башка альтернативдик тармактарга өтүп кетүүбүздү камсыздап беришкен болушат. Биздин элдин шарттарга тез ыңгайлашып кетүүсүн эске алсак (муну биз практикада далай жолу далилдедик), жарандарыбыз дагы бир жолу жан сактоонун жаңы моделине өтүп алышат.

### Казакстан бизге келген товар агымын өзүнө багыттап алып, апыртып турган кези

Биздин ЕАЭБдеги өнөктөшүбүз болгон Казакстан деле бизден өтүп кетчү контрабандадан чочулап турат. Бирок келиңиздер, 2010–жылкы товарлардын реалдуу жүгүрүүсүнө карап көрөлү. Ал жылы Кыргызстандын аймагына 10 миллиард долларлык кытайлык товар кирип турган. Биздин бажы органдары 10 эсе азайтылган көрсөтмөлөрдү берип турчу.

"Дордой" кытайлык товар агымын кайра иштетип бөлүштүргөн эң ири борбор болчу. Учурда бул агым жалпылап эсептегенде 60 пайызга төмөндөп кетти. Бул тенденция уланмакчы. Кошумчалай кетсек, казакстандыктар каалаган апыртмасын тарата берсе болот, анткени алар кытайлык товарлардын агымын өздөрүнө буруп кетишти. Мен "Хоргос" бажы өтмөгүн айтып турам. Алар ЕАЭБ өлкөлөрүнүн алдында Кыргызстанды күнөөлөөсүн токтотпостон улантышууда, себеби алар Кыргызстанды айыптоосунун аркасына өздөрүнүн аткезчилигин жашырышууда.

"Хоргос" аркылуу кеткен товар агымы азыртан эле биз тараптыкынан да толуп–ташып берекелүүрөөк. Ооба, ошондуктан биздин "Дордойду" башка, жаңы бир нерсеге айлантуу маселеси али алдыда. Биз кошумча нарк жаратуубуз керек же мисалы, мындан бир нече жыл мурун сунушталгандай, орусия–кыргыз, казак–кыргыз биргелешкен мекемелерди ачуубуз зарыл. Биздин ири дүң соодагерлерибиз жаңы жолдорду издөөдө. Казакстанга контрабанда жолу менен товарлар азыр деле киргизилүүдө. Азыркы чек ара режими иштеп жаткан кезде бул боло бермекчи. Казакстан менен чек аралар ачылганда сүт өндүрүмдөрүнүн өтүүсү жогорулайт деген божомол кылсак болот. Күйүүчү майлар, спирт ичимдиктеринин аткезчилиги артышы мүмкүн. Текстиль өндүрүшүнүн товарларынын агымы катуулайт дегенге ишене бербейм. Буларды көзөмөлгө алсаң эле иш бүтөт. Кыргызстан казак рыногун шыпырып түшөт дегенге ишенбейм. Албетте, биздин активдүү жигиттер иш караштырып баштайт. Казакстандын рыногунда биздин шуулдаган мигранттарыбыз пайда болушу толук мүмкүн.

### Кыргызстанда каалаган долбооруңду сырттан ырбатып жиберсең болот

Фергана өрөөнү бирдиктүү организм болгондуктан ошого жараша мамиле кылууну талап кылат. Чек араларга бөлүп–кескилеп салуу буга чейин деле үстүртөн болуп, эч натыйжа берген эмес. Ферғананын коопсуздугу комплекстүү маселе болгондуктан аны чечүүгө Өзбекстан менен Тажикстан сөзсүз катышат. Ошондуктан чек араларды жаап, башкаларды өткөрбөй коюу менен маселе бүтпөйт. Чынын айтканда, ЕАЭБге коркунуч Өзбекстан тараптан келбейт. Бул көбүнчөсү Кыргызстанга тиешелүү көйгөй. Бул биздин өлкөнүн ички кырдаалына, өкмөттүк эмес уюмдардын тармактары камсыздап турган мүмкүнчүлүктөрүнө, сырттан каалаган ири долбоордун ырбатып жиберүү шарттарына байланыштуу. Буга кошумча 2010–жылдан бери бизде этностор аралык чыңалуу сакталып келет. Курал жана аракетке даяр турган адамдар бар. Сырттан 200–300 киши пайда болсо, абал курчуп, жарылып кетүүсү мүмкүн. Коркунуч Кыргызстандын ичинде калыптанып жаткан соң чек аралары жабуудан эч майнап чыкпайт.

Маанилүү нерсени кайталап коюуда пайда бар. Фергана маселеси – коопсуздуктун комплекстүү маселеси. Бул тармакта Өзбекстан ОДКБ сыяктуу реалдуу сунушталган долбоорлор менен иштөөгө даяр. Өзбекстан өз тарабынан бул коопсуздукту камсыздап келет. Кыргызстаныбыз да аста–астадан бул процесске катышып баштады. Ошондуктан эгер сырткы долбоорлор аркылуу кырдаалды курчутуу жөнүндө сөз кылсак, аларды каржылоо, багыттоо маселелерине келсек, биз 2016–жылдын жаз айларына өлкөнүн бардык аймактарында, айрыкча Фергана өрөөнүндө "сюрпризлерге" даяр туруубуз керек. Эгер сырттан түштүк фронтун ачуу чечими кабыл алынса, ал 2016–жылы жазда Кыргызстанда башталат. Ошондуктан чек аралар жөнүндө эмес, коопсуздук тууралуу ойлонуубуз керек.

# Мындан да жакшы болушу мүмкүн эмес

Жума ичи интернетте бир видео тасма элдин көңүлүн өзүнө бурду. Ал АКШдагы жаратылыш коругуна карышкырлардын кайтып келүүсү жөнүндө эле. 20-30 жылдык байкоолор боюнча бул жырткычтардын кайтып келүүсү топурагы асманга сапырыла баштаган ал өрөөндү кайра жашылдантып жандандырган. Айбандын өз озуйпасын аткаруусу ушунча оң натыйжаларга жол салса, "адам инсандыкка кайтса кантээр эле" деген ой келет



ЖАНСАКТА САРБАШОВ

### Жараткандын ахлагы бизге үлгү

Башка бирөөгө салыштыргыс өрнөк болгон Пайгамбарыбыз адамзатка, айрыкча момундарга Жараткандын ахлагы менен ахлактанууну буюрган. Микродүйнө же макродүйнө болобу, Ал жараткан ар бир нерсе "Мындан артыгы болбойт!" дедиртет. Имам Газали бул тууралуу "Жаратылышта бар нерселердин болгонунан дагы жакшы болуусу мүмкүн эмес" деп айткан. Демек, бул ахлак инсанга өз ишин болгон мүмкүнчүлүгү менен эң жакшы жана кемтиксиз жасаганга аракет кылышы керек деген өрнөк сунуп турат.

Жаратылган бардык нерсе адам баласынын бош турбастан дайыма аракетте болуусуна түрткү берет. Ыймандуу адамга дайыма жакшы аракетте болуу буюрулат. Жакшы аракет – бул белгилүү бир планга ылайык позитивдүү жана кемчиликсиз иш кылуу дегендик. Ыймандуу адам ишин аяктаганда башкалары "Каап, биздин да ушундай сонун иш кылганга мүмкүндүгүбүз болсо" дегендей болушу керек.

Бул кемчиликсиз кең дүйнөнү жараткан Заттын колдоосун сезген адамдар улуу иштерге талапкер болушат. Ал иштерди улуу баалуулугуна жараша аткаруу үчүн эрктерин толук жумшаганга аракет кылып, кайталангыс санаттарды жаратканга жол табышат. Анткени ата-бабабыз "Ким бир иштин аркасынан түшүп, бүтүн мүмкүнчүлүгү жана кайраты менен аны аткарганга аракет кылса, Жараткан аны мүдөөсүнө жеткирет" дешкен.

### Ийгилик менен кошо келген оор сыноо

Жашоонун ар тармактарында эмгек кылган адамдар милдеттерине жараша түрдүү ийгиликтерге жетүүсү мүмкүн. Бири чечендиги, бири калемгерлиги, бири башкаруучулук, бири санат сезимдери менен адамдарды тамшандырган иштерди кылышы мүмкүн. Миңдеген, балким, жүз миңдеген адам аны алкыштап, ыраазылыгын билдирип, үлгү катары көрүүсү мүмкүн. Мына ушул замандан кийин иштерман үчүн эң чоң сыноо башталат. Ийгиликтер ал адамда Жаратканга жана кесиптештерине ыраазы болуу сезимдерин ойготобу же башын айлантып, көзүн тунартып жибереби? Бул ишти аткарууга канча эрк жана кайрат керек болсо, алкоо деген оор сыноо келгенде да эркинин кайраты менен өзүнүн ордун туура белгилеп, ошол жерде ооп кетпестен бекем туруусу зарыл. Менменсинүү жана өзүнө айраң-таң калуу сезимдеринен жылан, чаяндан качкан сымал качуу абзел.

Күчтүү эркин туура пайдалана алган адам аткарган ишинин кемчилигин караштырып таап, өкүнүп, мындан да жакшыраак кылуу ой-толгоосуна чөмүлөт. "Менин ордумда акылы ордунда жана жоомарт бири болсо, бул ишти менден да жакшыраак кылмак" дейт. Деп айтышы зарыл.

### Эрктүү инсандын психикалык утуштары

Ыйык Курандын бир аятында Жараткан "Өкүнгөн напсиге ант болсун" деп касам ичет. Өкүнгөн напси болсо, кылган ишине ыраазы болбогон, дайыма өзүн жемелеген жана айыптаган инсан. Бул сезим адамдын инсандык бийиктиктерине чыгуудагы шатысынын биринчи баскычы. Ошондуктан адам дайыма өзү менен жүздөшүп, кылынган иштин кемчиликтерин өзүнө таандык деп билип, дайыма өзүн жемелеп туруусу өтө маанилүү.

Иштин кемтик жана кемчилигин адам өзүнөн деп билүүсүнүн кандай пайдалары бар? Мындай жүздөшүү инсандык тепкичте жогорулоонун эң негизги шарттарынан. Менменсинүүсүн басып, өзүнөн кемчилик издеген адам Жаратканынан мындан дагы жакшыраак болууну талап кылган болот. Анын өкүнүүсү тообо катары кабыл алынып, Улуу кечиримдин жолун ачат. Мындай дарты болбогон адам өзү байкабастан миң түрдүү ката кылса да, өзүн бир шумдук деп сезип, мурдун балта кеспей басып жүрө берет. Акыры адамдарга жат болуп, аянычтуу абалга түшөт.

Демек, кемтиксиз инсандын сапаттары ушундай. Ал кылган ишин кемчиликсиз аткаруу, эң сонунуна аракет кылуу жана эркин жетишинче акырына чейин колдонуу менен бирге бүтүргөн ишинин түрдүү кемчиликтерин көрүп, "Бул иштерди башка бирөө мындан дагы жакшыраак кылмак. Мен сыртын эптеп-септеп кооздоп, бир нерсе жасап салдым" деп өзүн жемелейт. Бул жемелөө анын ички дүйнөсүн замзам суусу менен жуулгандай таптаза кылып чайкап чыгып, Жаратканына жана жарандарга жакындатат.

# Менин ишим эмес го?

Аңгемебиз БААРЫ, БИРӨӨСҮ, КИМ БОЛБОСУН жана ЭЧ КИМ аттуу төрт киши жөнүндө. Жасалуусу зарыл болгон бир иш бар эле. БААРЫ БИРӨӨСҮнүн бул ишти жасаарына ишенген эле. Чынында КИМ БОЛБОСУН аны жасай алат болчу, бирок ЭЧ КИМ жасаган жок. БИРӨӨСҮ буга аябай ачууланды, себеби бул БААРЫнын иши болчу.

БААРЫ КИМ БОЛБОСУНдун бул жумушту жасай аларын ойлогон, бирок ЭЧКИМ БААРЫнын жасай албастыгын ойлогон да, билген да эмес болчу.

Соңунда КИМ БОЛБОСУН жасай ала турган ишти ЭЧ КИМ жасабагандыгы үчүн БААРЫ БИРӨӨСҮН күнөөлөдү.



# Суу, от жана абийир

Суу, от жана абийир дос болот. Алар сейилдеп жүрүп, бири-биринен "Адашып кетсек кантип табышабыз" деп сурашат. Анда суу «Кай жерде шырылдаган, шарпылдап-күрпүлдөгөн үн уксаңар мен ошол жерде болом», от дарегин «Ыш болуп, түтөгөн жерди эле көрсөңөр мен ошол жердемин» деп түшүндүрөт. Кезек абийирге келгенде «Мени жоготсоңор, кайра эч качан таба албайсыңар!» деп жооп берген экен.





# Алтынчы чакырылыштагы депутаттар эркин боло албайт

Жогорку Кеңештин депутаттарын мыйзам чегинде фракциядан тышкары эркин депутат катары же депутаттык топтордун курамында жүрүү көрүнүшүн чектетүү мыйзамынын негизинде "Эл өкүлдөрү эми эркин боло албайбы?" деген суроого коомдук ишмер Кубанычбек Исабеков жана Жогорку Кеңештин депутаты Дастан Жумабеков жооп беришти

АЙСУЛУУ ЭСЕН КЫЗЫ

**– "Жогорку Кеңештин депутатынын статусу жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилип, депутаттардын фракциянын курамынан чыгып кетүүсүнө чектөө киргизилди. Сиз бул чектөөнү кандай баалайдыңыз?**

**Кубанычбек Исабеков:** – Мыйзам боюнча эл өкүлү өз пикирин айтып, сунуштарын берип, мыйзам долбоорлорун киргизип, аягына чыкканга ар бир депутаттын укугу бар. Элдин атынан бийликте Президент жана Жогорку Кеңеш өкүл болуп эсептелишет. 2005-жылы март айынын аягында 75 шайлоо округунан келип шайланганбыз. Биз эркин депутат болгонбуз. 7 комитет бар болчу. Ошол парламент абдан күчтүү парламент болгон. Ал эми азыр партиялык система менен шайлоого келип, парламентке келгенде фракция болуп атат. Партиянын атынан депутат болгондор партиянын кызыкчылыгын дагы коргош керек болчу. Бирок партиянын лидерлери менен айрым мүчөлөрүнүн көз караштары дал келбей, депутаттарга кысым болгондуктан, акча чогултмай көп болгондуктан, кээ бир депутаттар чыгып кетишти. 5-чакырылыштагы депуттардын мөөнөтү бүтөр алдында бул мыйзамдын кабыл алынганы кызык болду. Эмне үчүн эки-үч жыл мурда кабыл алынган эмес. Кийинкилерди рамкага салалы дешсе керек. Эми мыйзам боюнча кандай кемчиликтер бар экенин түшүнүү үчүн аны аткаруу керек. Кийинки чакырылыштагы депутаттар бул мыйзамга баш иет. Эми дагы фракциядан чыгам деп мыйзамдарды кайчылай берүү туура эмес. Эң негизгиси, Кыргызстандын стабилдүүлүгүн сакташыбыз керек.



**Дастан Жумабеков:** – Баш мыйзамда депутат айткан сөзү, берген добушу үчүн эч убакта жоопкечиликке тартылбайт деп белгиленген. Депутатка сөз эркиндиги берилген. Жогорку Кеңештин депутаттары императивтик мандатка байланышпайт. Тактап айтсак, депутатты эч ким чакыртып алганга укугу жок. Депутат өзүнүн каалоосу менен мандатынан баш тартканда гана кызматынан ажырайт. Ошол себептен кайсы фракциядан болбосун эч ким аны мандатынан ажырата албайт. Ал эми фракциянын ынтымагы анын ички маселеси болуп саналат. Жогорку Кеңештин регламенти жана депутаттын статусу жөнүндө мыйзамга 2012-2013-жылы өзгөртүүлөр киргизилип, ар кайсы фракциялар аралык топ түзүүгө уруксат берилген. Бирок болуп өткөн иштерден улам быйыл кайрадан аталган мыйзамды ордуна алып келдик. Эгерде фракциянын жетекчиси депутаттарын бир ынтымакка алып келе албаса, анда муну лидердин күнөөсү десек болот.



**– Деги эле фракциядагы депутаттардын баары бир багытты көздөгөн, көз караштары дал келген адамдар деп атоого болобу?**

Кубанычбек Исабеков: –Эл өкүлдөрү болгон соң баарынын көз карашы бир багытта боло бербейт. Депутаттын фракцияда каралбаган маселени жалпы жыйынга алып чыкканга акысы бар. Бир фракциянын мүчөсү башка фракциянын жыйындарына катышып, сунуш-пикирлерин билдиргенге укуктуу. Азыркы парламент тарабынан бир топ кемчиликтери бар мыйзамдар кабыл алынып калды. Депутаттарды армиянын бөлүгүндөй баарын бирдей тизип койбостон, аларга эркиндик бериш керек. Партиясынын программасына баш ийүү менен өз пикирин айта алат. Эгер партиясы кабыл алып жаткан чечимге каршы болсо, мандатын берип кетип калса болот.

**– Кайсы бир маселени чечүүдө фракция лидери менен мүчөсүнүн көз карашы дал келбей калса, эки тарап кандай кадамдарга бара алат?**

Дастан Жумабеков: –Ар бир фракциянын жетекчиси өзү алып келген депутаттарын бекем кармай алса, ынтымактуу фракция болот. Эгерде фракцияны ушактарга аралаштырып, чачып жиберсе, ошол партиянын же фракциянын лидеринин күнөөсү. Депутаттын сүйлөгөн сөзүнө, берген добушуна тыюу салынбайт. Оппозициялык фракциянын депутаттары деле каалаган маселесин ээн-эркин көтөрүп чыгып жатышпайбы. Өкмөттүн катасын өкмөткө, парламенттикин парламентке ачык айтууга укугу бар.

Кубанычбек Исабеков: –Жаңы мыйзам күчүнө киргенден кийин, октябрда жаңы шайланып келген депутаттар бүгүнкүдөй эркин боло албай калышы мүмкүн. Азыркы парламентте парадокс болуп калды, талапкердин көбү беш фракцияда жок партияларга кирип жатышат. Шайлоо алдында Жогорку Кеңештин депутаттары өзүнүкүнөн башка партияларга мүчө болуп жатышат. Жаңы кабыл алынган мыйзам партиялардын ички мыйзамдарын аткарууга түрткү боло турган мыйзам болду.

**– Фракциянын курамынан чыгып кетүүгө тыюу салуу менен жалгыз лидерге байланып, аны культташтыруу пайда болот деп да айтып жатышпайбы?**

Дастан Жумабеков: – Фракциянын лидери жыйындарды алып барат. Чыккан токтомдорго кол коёт. Бирок депутаттын берген добушуна лидер түздөн-түз көрсөтмө бере албайт.

**– Анда буга чейинки фракциялардан депутаттардын чыгып кетүүсүнө кандай себептер түрткү болду?**

Кубанычбек Исабеков: – Фракцияда депутаттардын саясий көз караштары өзгөрүп кетти. Эгерде кандайдыр бир депутат ар дайым партиясынын лидеринин көз карашына каршы чыга берсе, партияны жетектеген адам аны партиянын чогулушуна салганга акысы бар. Лидер партиялык чогулуш аркылуу анын партиялык билетин алып койсо, ал кандай депутат болот? Бул дагы бир турмуш менен ачыкталчу маселе. Бул мыйзамдын арты менен депутаттар толук кандуу эркин боло албайт деп ойлойм.



# Коомдо хиджабдан да олуттуу маселелер бар

Жылдар бою хиджабды (аялзатынын денесин жаап жүрүүсү) хиджаб менен иши жоктор тартышууда. Хиджабчан кыз-келиндер коомдун бардык тармактарында элге кызмат кылып келет. Биз ошол кыз-келиндердин пикирин коомчулукка суналы дедик. Балким сиздер күтпөгөн кызыктуу ойлор айтылат

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

### Гүлмайрам Бакирова, мамлекеттик кызматкер



– Биздин коомдо исламга байланышкан көрүнүштөрдүн баарын эле терроризмге байланыштырган түшүнүк калыптанып калган. Бул түшүнүктүн жаралышына өздөрүн "Ислам топтору" деп атап алып, шариатка ылайык келбеген иштерди жасап, саясий кызыкчылыкты көздөгөн топтордун жоруктары себеп болууда. Беш кол тең эмес. Биз, мусулмандар ар тараптан билимдүү, илимдүү болуп, өзүбүздү коомго сиңирип, ар дайым мыктынын мыктысы, үлгүлүү болсок, эч ким биздин кийимибизге тийише албайт. Мен мамлекеттик кызматкермин. Мамлекеттик органда иштеп туруп, хиджаб кийгенимде мага да терс ой-пикирлер айтылган. Терс ой-пикирлер адамдын рухун алсыратат. Натыйжада өз каалоом менен жумуштан кетүүнү чечкем. Менин жумуштан кете турганымды уккан жетекчилерим менин өз жумушумду так, өз убагында аткарган мыкты кадр экенимди, жоолук маселеси иш процессинде эч кандай роль ойнобой тургандыгын, Конституцияда да дин эркиндиги берилгендигин айтышып, мени иш ордумда калууга көндүрүштү. Чындыгында "Хиджаб менен иштөөгө уруксат бербейт" деген сөздөр курулай эле шылтоо экенине ынандым. Адам өз ишин мыкты билип, коом менен мыкты мамиледе болуп турса, анын жоолугунун эч бир нерсеге терс таасир этпей турганын түшүндүм. Азыркы учурда жумушумду мурункудай эле улантып жатам. Жоолукка асылган эч ким жок. Албетте, азыр айрым исламдан толук кабары жок адамдардын хиджаб маселесин олуттуу көйгөйгө айландырганы өкүндүрөт. А эмне бизде хиджабдан башка олуттуу маселе калбай калдыбы?!...

### Айжан Орозбаева, "Ак жоолук ажары кайрымдуулук" фондунун жетекчиси



– Кандай гана айтылган сөз болбосун анын жакшы жагын караганга аракет кылам. Темир Сариев Ислам динин толук түшүнбөгөнү үчүн бул сөздөрдү айтса керек. Балким ал хиджаб деп, капкара кийинип, бети-башын тосуп алганды айтты. Биздин каада-салтыбызга аялзатынын денесин жаап жүрүүсү, абийирдүү болуусу туура келет. Биз ошол өзүбүздүн каада-салтыбызды гана сактап келе жатабыз. Эч кандай бул жерде башка улуттун кийимин кийип алды деген нерсе жок деп айтаар элем.

### Нуршоола Исаева, "Марва" телеканалынын кабарчысы



– Эгер карай турган болсок, "Манас" эпосунда кыргыз аялзаты тууралуу айтылган сөздөрдөн, кыргыз аялзаты ачык жүрбөгөнүн билүүгө болот. Мурунку аялзатынын кийимдери этап-этаптарга бөлүнүп турган. Бирок ошол бөлүнгөн этаптардын бардыгы азыркы хиджаптан айырмасы деле жок, узун, бардык денени жаап тургандай болгон. Ал эми хиджап деген ошол жамынуу дегенди гана билдирет. Биз ата-бабаларыбыз кийип келген кийимдерди азыркы заманга ылайыкташтырып эле кийип жатабыз.

### Гүл Ташкент кызы, ырчы



– Биринчиден, хиджабды (жоолук салынууну) "экстремисттердин кийими" деп кароого болбойт. Экинчиден, экстремизм менен күрөшүү үчүн хиджабга (жоолук салынууга) тыюу салыш керек дегенди акылга сыйбаган түшүнүк деп айтаар элем. Албетте, хиджаб (жоолук салынуу) Алланын буйругу. Эгер хиджабды бир өлкөгө таандык кийим катары карай турган болсок, анда жаңылышкан болобуз. Негизи биздин салтка, улуттук кийимибизге көз чаптыра турган болсок, апаларыбыздын, кыз-келиндерибиздин кийимдери чыныгы хиджаб сыяктуу болгон. Ал эми хиджаб деген өзү кандай болуш керек? Суроо мына ушунда. Өлкө үчүн күйүп, тынчтык үчүн күрөшүп, экстремизмди жоёбуз дегендерге айтаар элем, хиджабга, тактап айтканда, Жаратуучубуздун буйругуна каршы чыгуу бул чечим эмес.

### Гүльнур Рахматилла кызы, дизайнер, КМТУнун студенти



– Албетте, шариятыбыз үрп-адатка, каада-салтка карама-каршы келбейт деп билем. Мисалы, тарыхыбыздагы улуу чындык – бул ак элечек. Курманжан Датка энебизди мисал кылып айтсак болот. Бүгүнкү жоолук салган кыздарыбыз илгерки биздин апаларыбыз, жеңелерибиз, эжелерибиз кийген көйнөктөрдү азыркы заманга ылайыкташтырып кийип жатат десем туура болот го. Ал эми биздин кыргыздын каада-салтында ачык-чачык жүрүү салтпы же маданиятпы? Жок, бул батыштын маданияты. Эгер карап көрө турган болсок, тарыхыбыздагы энелерибизди, жеңелерибизди, эжелерибизди ачык-чачык жүргөнүн көргөн эмеспиз, элестете да албайбыз. Кесибим боюнча дизайнер болгондуктан, чет жактарга чыгып көп эле сынактарга катышып калдым. Ошол сынактарда хиджабдан айырмасы жок кыргыз колоритинде тигилген көйнөктөрдү калыстар тобу да өзгөчө баалашкан. Эми бул нерседен жыйынтык чыгарсак болот. Жоолук салынуу кыргыздын каада-салтына туура келбейт деген сөздөр туура эмес, тескерисинче, кыргызды кыргыз кылып сактап турганга жардам берет.



# Бажы Биримдигин туура түшүнүү

Кээде ийне жибине чейин эсептеп чыгуу күтүлгөн натыйжага алып келбейт. Андан көрө текшерилген жана оңой маалыматтарга негизделген жөнөкөй болсо да, так план менен аракет кылуу жакшыраак. Пландоо бизге келечекти көрө билүүгө жардам берет!



НУРАДИЛ РАИМБЕКОВ

### Бул макалалар сериясынын максаты тууралуу эки сөз.

*Бажы Биримдиги (ББ) тууралуу публикацияларыбыздын сериясында өлкөбүздүн ББга кирүүсү жалпы элибизге, анын ичинде ишкерлерибизге кандай таасир берери жөнүндө жөнөкөй тил менен түшүндүргөнгө аракет кылабыз. ББга кирген соң бизди кандай коркунучтар же мүмкүнчүлүктөр күтүп тургандыгы жөнүндө көптөгөн макалалар жазылып, бир нече олуттуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлдү. Бирок жарандарыбыздын көбү ББдан эмне күтсө болоору, анын кооптуу тарабын азайтып, күтүп турган кыйынчылыктарды мүмкүнчүлүктөргө айлантуу үчүн кандай конкреттүү аракеттерди кылыш керек экендиги тууралуу маалымат вакуумунда кала берүүдө. ББ жөнүндө түшүнүктөрдүн көбүнчөсү "башында кыйын болот, андан кийин абал дагы начарлайт" деген имиштерге негизделип келет. Эгер бул пикир менен макул болсок, биз алдын-ала өзүбүздү-өзүбүз жол болбостукка түртүп, бардык нерселердин жаман тарабын гана көрө баштайбыз. Албетте "баары укмуштай сонун болот" деген пикир дагы принцибинде туура эмес, анткени мындай ойлордон улам биз көйгөйлөрдү көрбөй калабыз, мунун айынан сөзсүз мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгарабыз.*

*Мындай аша чабуулардан запкы чекпеш үчүн биз келечегибизди жакшы пландообуз керек. Автор "эч нерсе пландабагандан көрө пландап жаңылган жакшыраак" деген ураанды карманат. Жашоодо бардыгы тез өзгөргөндөн улам бардык нерсени алдын алып эсептеп туруу өтө татаал болгон үчүн гана плансыз жашоону туура көрбөйм. Пландоодо каталар сөзсүз болот. Бирок ал каталар биздин бүтүмдөрүбүздү бир нерсеге негиздегенге мажбурлайт. Бүтүм чыгаруу процессинде биз кандай ката кетиргенибизди түшүнүп, пландарыбызды түзөтүп алганга үлгүрөбүз.*

*Пландоодо маалыматтардын тактык даражасы башка маселе. Кээде ийне жибине чейин эсептеп чыгуу күтүлгөн натыйжага алып келбейт. Анткени ага өтө эле көп убакыт жана ресурстар сарпталат. Бул максатка ылайык болбой, тетирисинче зыянга учуратуусу мүмкүн. Андан көрө текшерилген жана оңой маалыматтарга негизделген жөнөкөй болсо да так план менен аракет кылуу жакшыраак.*

*Макалаларда жашоо менен бизнести пландоонун методологиясын талкуулабайбыз. Биз түрдүү статистикалык маалыматтардын, салыштыруу анализинин жана башка аналитикалык материалдардын негизинде бизди күтүп турган коркунучтар менен мүмкүнчүлүктөрдү пландоо текчебизге иреттеп коюп чыкканга аракет кылабыз. Мындай иреттөө бизге өзүбүздүн жеке планыбызды түзүп чыкканга ой-пикир берет. План менен формалдуу маалыматтардын негизинде кабыл алынган чечимдер, коомдо тарап кеткен формалдуу эмес пикирлерге негизделген чечимдерге караганда сөзсүз жакшыраак болот. Пландоо бизге келечекти көрө билүүгө жардам берет!*

*Автор Бажы Биримдиги тууралуу публикациялардын сериясы элдин кеңири катмары үчүн пайдалуу болот деген ишенимде. Сиздердин saresepeco@mail.ru почтама жиберген сунуш, эскертме жана конструктивдүү сыныныздар үчүн алдын ала ыраазылык билдирем. Мындан сырткары бул изилдөөгө катышам деген башка эксперттердин кызматташуу жана биргелешип иштешүү сунуштарын сүйүнүү менен кабыл алам.*

### Биринчи бөлүм. ББнын негиздери жана ЕАЭБ

Кечээги 12-август Кыргызстан үчүн тарыхый күн болду. Биз Евразиялык экономикалык биримдигинин толук кандуу мүчөсү болуп калдык. Ушул күндөн тартып Кыргызстан менен Казакстандын ортосундагы чек аралар ачылды. Бул күндөн баштап ЕАЭБдин башка мамлекеттериндей эле Кыргызстан дагы товар, кызмат, капитал жана жумушчу күчтөрүн чек аралардан эркин өткөрө алат.

Мамлекетибиздин ЕАЭБге кирүүгө даярдануусу узак жана оор болду. Даярдануунун бардык техникалык жана юридикалык маселелерин чечип, ЕАЭБге кирген мамлекеттер менен "Жол картасын" макулдашып чыкканга 4 жылдан ашык убакыт сарпталды. "Жол картасында" кыргызстандык мигранттарга бир катар жеңилдиктер каралган. Алар мындан кийин Орусия Федерациясында (ОФ) уруксат кагаздарын албастан эле иштей беришсе болот. Болгону жумуш берип жаткан тарап менен эмгек келишимин түзүү керек. Ошондой эле Кыргызстандан алынган диплом, сертификат сыяктуу билимге тиешелүү документтер ЕАЭБ өлкөлөрүндө таанылат.


Кыргызстандын Евразиялык экономикалык биримдик менен Бажы Биримдигине киргендигинин натыйжаларын жакшыраак түшүнүү үчүн бул биримдиктердин кандай иштээрин түшүнүү зарыл. Чынында алар эл аралык кызматташуунун эки башка формаларына кирет. 2010-жылдын 1-январынан баштап ишке кирген ББнын алкагында товарлар менен кызматтардын бирдиктүү рыногу түзүлгөн. ББга кирген мамлекеттерде бирдиктүү тарифтик жана тарифтен сырткаркы бажы саясаты кабыл алынган. Эл аралык кызматташуунун мындай түрү товарлардын жүгүрүүсүн жөнөкөйлөтүп, белгилүү артыкчылыктарга ээ болгон экономикалык секторлорго инвестициялык кызыгууну арттырат. Арзан жумушчу күчүн, чийки заттар менен сатуу рынокторго жакындыкты, инфраструктуралардын өнүккөндүгүн, салыктардын төмөндүгүн, мамлекеттин экономикасында либералдуу башкаруучулугун бул артыкчылыктардын катарында мисал келтирсек болот.

ББга кирген мамлекеттердин арасында кызматташууну мындан дагы тереңдетүү максатында 2011-жылы интеграциялык кызматташуунун кийинки баскычына – Бирдиктүү экономикалык аймакка (БЭА) кирүү чечими кабыл алынган. Бул этапта товарлардын эркин жүгүрүүсүнөн сырткары капитал, кызмат жана жумушчу күчтөрүнүн чек аралардан эркин өтүүсүн камсыздоо максаттары коюлган. БЭАнын алкагында табигий монополиялардын иштөөсүндө, мамлекеттик сатып алууларда бирдиктүү мамиле кылууда, өндүрүш менен айыл чарбасын колдоодо атаандашуу менен иретке салуунун бирдиктүү принциптерине негизделген макулдашылган макроэкономикалык саясатын жүргүзүү каралган. ЕАЭ макулдашуусунда бул өлкөлөрдүн кызматташуусунун кийинки баскычы болгон ЕАЭБге өтүүсү алдын ала программалаштырылган.

ЕАЭБ Келишимине Белорус, Орусия жана Казакстан мамлекет башчылары тарабынан 2014-жылдын 29-майында кол коюлуп, 2015-жылдын 1-январынан баштап Келишим күчүнө кирди. Бул документ Бажы Биримдиги менен Бирдиктүү экономикалык аймактын алкагында түзүлгөн эл аралык келишимдерде кабыл алынган эрежелерди оптималдаштырып ылайыкташтыруу менен кодификация (системалаштыруу) кылуу жана алардын жоболорун Дүйнөлүк соода уюму (ВТО) менен ЕАЭБдин эреже жана нормаларына ылайыкташтыруунун натыйжасында калыптанган.

ЕАЭБдин дайыма иштеп жөнгө салып турган, экономиканын бир катар чөйрөлөрүндө улуттар аралык деңгелде жогорку укуктар берилген түзүмү катары Евразиялык экономикалык комиссия (ЕЭК) ишке киргизилген. Комиссиянын негизги укуктарына Биримдиктин иштөө жана өнүгүү шарттарын камсыздоо кирет. Мындан сырткары Комиссияга Биримдиктин алкагында экономикалык интеграциялашуу чөйрөсү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу милдети жүктөлгөн. Учурда Кыргызстандын ЕЭКтеги кызыкчылыгына мурун экономика министринин орун басары болуп, өлкөбүздүн ББга кирүүгө тиешелүү маселелерин караган Данил Ибраев өкүлчүлүк кылууда.

***Уландысы бар...***



# Кофенин пайдасы

**Кимде-ким эртең менен кофе ичүүнү адатка айланткан болсо, ал акылдуулук кылат. Адистердин айтымында, кофени туура иче билсе, ал арыктоо үчүн чоң жардам берет**



## Кофе арыктоо үчүн

"Кофе ичүү менен кант диабетинин 2-тибин жана жүрөк-кан тамыр ооруларынын алдын алса болот. Ал эми ушул эле оорулар семиздиктин бирден-бир себеби", - дейт изилдөөнүн автору Йонгджи Ма.

Кант диабети, жүрөк-кан тамыр оорулары жана боорго майдын толуусу - мунун баары семирүүнүн бирден-бир себептери. Окумуштуулар кофенин салмакка тийгизген таасирин изилдеп көрүшкөн. Алар кофенин курамындагы эн негизги зат - хлорогендик кычкылдыкты бөлүп алышкан.

Изилдөөчүлөр атайын чычкандардын тобуна майлуу тамактарды берип, андан кийин жумасына эки жолу хлорогендүү кычкылды сайып турушкан. Аягында организмдеги хлороген кычкылы ашыкча салмактуулукту гана жөнгө салбастан, кандагы канттын өлчөмүн да калыпка салып, боорду май басып кетүүдөн сактаган.



## Таңды кофе менен тосуп алуу

**1. Кант диабетинин алдын алат**

2011-жылы изилдөөнүн натыйжасында 1 күндө 4 чашка кофе ичкен изилдөөгө катышкан 700 кишинин кант диабетинин нормада сакталуусу жана оорунун зыяндуулугу 2 эсе азайганы байкалган.

**2. Рак клеткаларынын өөрчүшүнүн алдын алат**

Көп убакыттар бою "Кофе рак клеткаларын өөрчүтөт экен" деген жаңылыш ойлор болуп келген. Бирок изилдөөлөрдүн натыйжасында тескерисинче, кофенин пайдалуу жактары көп экени белгилүү болгон. Бат өөрчүгөн рак клеткаларын жөнгө салган.

Кофенин курамында клеткалардын бузулуусун токтотуучу химиялык заттардын, антиоксиданттардын жана сезгенүүгө каршы заттардын массасы бар.

Мисалы: жогорку активдүү метилпиридин антиоксиданты бир гана кофенин курамында бар.

**3. Альцгеймер оорусуна кофенин пайдасы**


Бул оорунун келип чыгышы жана өөрчүшү, андагы мээнин өзгөрүүлөрү азыркыга чейин табышмак. Бирок окумуштуулар бул оорунун күчөп кетүү коркунучунун төмөндөшүнө да кофенин жардамы чоң экенин далилдешкен.

**4. Кофе Паркинсон оорусунан сактайт**

Окумуштуулардын изилдөөлөрүнө катышкан, генинде бул дарттын изи бар 305000 адам муну тастыктаган.

**5. Депрессияны жокко чыгарат жана маанайды көтөрөт**

Гарвард мектебинде 50 000 медайым катышкан 25 жылга созулган изилдөөдө күнүнө 4 чашка кофе ичүү менен депрессиядан 20%га арылса болорун, ошону менен катар алардын маанайлары да көтөрүлүп, кубаттуу да боло түшүшкөнү далилденген.



## Кофе ичип, Рак илдети жок жашаңыз

Окумуштуулар өз изилдөөлөрүндө кофенин касиеттери жөнүндө улам бир ачылыштарды жасап жатышат. Мисалы, Американын Сиетл шаарынын окумуштуулары кофенин сыйкыры жөнүндө айтып чыгышты. Көрсө, кофе рактын өөрчүшүнө бөгөт коё алат экен.

- Кофеин клеткалардын өтө көп өөрчүшүнө тоскоол болот жана клеткалардын өлүп жок болушун жөнгө салат.

Кофеин базалиома (тери рагынын бир түрү), глиома (мээ рагынын бир түрү) жумуртка рагы сыяктуу тез өөрчүгөн (ургаачы) рак клеткаларын өсүшүнө кадыресе тоскоол боло алат.

- Дитерпендер: кафестол жана карвеол - шишиктердин өсүшүнө жолтоо болот.

- Хлороген кычкылы - клеткалардын ичиндеги ДНКнын зыян тартуусун жөнгө салат.

## Кайсы азыктарда хлороген кычкылы бар

- Алма, алмурут, помидор жана кара моюлда (черника) бар. Бул азыктар хлороген кычкылы жок болсо да арыктоо үчүн жардамы чоң.

- Изилдөөчү адистердин айтымында, хлороген кычкылы панацея эмес. Туура тамактануу, физикалык кыймыл-аракет да ашыкча салмактан жана анын кесепетинен келип чыгуучу оорулардан арылуунун негизиги жолу.

## Кантип ичүү керек

Кофе ичип арыктоо үчүн аны өз эрежеси менен ичиңиз:

- Сүтү жок ичүү. Сүт калориясы боюнча суусундук эмес тамактарга кирерин баарыбыз эле билсек керек. Аны кофеге кошуу менен кофенин пайдасын 0 гө тууралайсыз.

- Кантсыз. Кант деле сүт сыяктуу, кофенин пайдасын төмөндөтөт. Даам берүү үчүн корица кошуп койсо болот, ал да арыктоо үчүн өз салымын кошот.

- Түштөн кийин ичпөө керек. Түш оогондон кийин ичилген кофе кечки уйкуга бөгөт болот. Ал эми туура эмес уктоо да ашыкча салмакка алып келери маалым.



# А.Аттокуров: «Чөл болсо да, суу сатып бизнес кылса болот»

“Өз элинден, туулуп өскөн аймагынан алыс кетпей эле бизнес кылып, үй-бүлөлүк бюджетти көбөйтүү менен мекенибиздин экономикасына да салым кошсо болот!” деп эсептеген “бизнес-дааватчымын” деген Азамат Аттокуров өз маегинде көптөгөн кеңештери менен бөлүштү

НАЗГҮЛ АКУНОВА

**– Азамат мырза, эмне үчүн бизнес-даават?**

– Исламда даават – үйрөтүү, окутуу дегенди түшүндүрөт. Биздин институттун негизги миссиясы Кыргызстандагы ишкерлердин, кеңешчилердин билим тажрыйбасын жогорулатуу аркылуу иштерин өркүндөтүү. Жыл сайын 500гө жакын жаштарга, ишкерлерге тренингдер, консультациялар аркылуу ишкердикти үйрөтүп, бизнес идеяларды табууга, бизнес же маркетинг пландарын түзгөнгө жардам беребиз. Ишкерлерге, донорлук мекемелерге, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдарга изилдөө жана башка иш-аракеттер менен көмөктөшүп келебиз. Ал эми “даават” деп кыскартып, тилге жатык кылып, өзгөртүп алганбыз.

**– Институтта канча бизнес-дааватчы эмгектенет?**

– Институтта 4 киши иштейт. 2,5 жылдан бери иштеп келем. Башында 15 гана мүчөбүз бар болчу, азыр 75 болду. Кудайга шүгүр, күн санап, бизнести түшүнүп, иш алып кетип жаткан мүчөлөрүбүз көбөйүүдө. Институттун киреешеси 2,5 жылда 5 эсеге өстү. Биз көз карандысыз, өзүбүздү-өзүбүз каржылаган мекемебиз. Таанымалбыз. Эксперт, консультант же изилдөө керек болсо, баары бизге кайрылышат.

Быйыл Стамбулда "Эң мыкты өнүгүп келе жаткан консультанттар институту" деген сыйлыктын ээси болдук. Бул да болсо биз жарата алчу ийгиликтин али башаты эле деп эсептейбиз. Буга чейин эксперттерди көп акча каражат жумшап чет жерден чакырып турушкан. Бул тууралуу көп ойлонуп атып, бул кызматты ишке киргиздик. Өз өлкөбүздө адистерди даярдап, мамлекеттин бюджетине салым кошсок дейбиз.

**– Негизги максатыбыз Кыргызстанда консалтингди жана консультанттарды өстүрүү деп айтып өттүңүз. Сиздер булардан башка дагы кандай кызматтарды сунасыздар?**

– Ар түрдүү тренингдерди уюштурабыз, сертификациядан өткөрөбүз, чет элдик эксперттерди алып келебиз. Бизнесмендерди чет өлкөлөргө окууга жөнөтүп, тажрыйба алмашууга колдоо көрсөтүп келебиз. Китептерди басып чыгарганга жардам беребиз. Буйрутмаларды таап беребиз. Кеңсе же иш жерлерине барып, лекцияларды окуйбуз. Кыскасы, бизнестин өнүгүшүнө колубуздан келген жардамдарыбызды аябайбыз. Акыркы күндөрү мен “Туглдай” иштейм. Көчмөндөр философиясынын негизинде бардыгын бири-бири менен тааныштырып турам. Ким кандай суроо менен кайрылса, билишимче жооп берем.

**– Сиздин баамыңызда Кыргызстанда бизнестин абалы кандай?**

– Бул чөйрөдө алпурушуп жүргөн адис катары “орто” деп баалайт элем. Негизги көйгөйлөрдү билимдин жетишсиздиги жана каражаттын жоктугу дейт элем. Биздин менталитеттен дейбизби же алган тарбиябызданбы, тобокелчилик кылгандан коркобуз. Акчаны



**Блиц-инфо:** Азамат Аттокуров
**Экспертиза жана консалтинг тармактары:** Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу, менеджмент жана маркетинг, эл аралык соода жана экспорт, фандрейзинг жана долбоорлорду башкаруу
**Билими:** 1996-2001 – Мамлекеттик башкаруу университети, Россия, Москва
**Адистиги:** "Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу"
**Иш тажрыйбасы:** 2013-жылдын февраль айынан бери – “Менеджмент боюнча консультанттар институту” коомдук бирикмесинин аткаруучу мүдүрү, 2008-жылдын июль айынан бери - "Тез Телеком» ЖЧКнын башкы мүдүрү (эл аралык байланыш оператору), 12.2006-07.2008 - «INETERA» компаниясынын маркетинг жана сатыктар боюнча мүдүрү (мультисервистик провайдер)
**Сертификаттары:** 2012-ж. февраль – март - "Эл аралык менеджмент", КР Президентинин карамагындагы Мамлекеттик башкаруу академиясы, Бишкек 2012-ж. май-июнь - "Менеджерлерди окутуу программасы ", Германия Федеративдик Республикасы жана GIZ, Берлин-Штутгарт 2013-ж. май - «Экспорт консалтинг», Elevation Learning-EBRD. Бишкек. Башкаруу боюнча кеңешчилер институтунун аткаруучу директору, менеджмент жана маркетинг боюнча консультант

туура сарптаганды билбейбиз. Бир аз ашыкча тыйын болуп калса, дароо машина алабыз же той беребиз. Ата-эне баласы же кызы бизнес баштайм десе колдобойт, коркот, “жөн эле отур, андан көрө мамлекеттик кызматта иште” дейт. Бизнес баштап алганда деле бир аз акча боло баштаганда кабат-кабат үй, жолтандабас алганга шашабыз. Ошентип акчаны айлантуудан чыгарып, баштаган бизнесибизды токтоп калат.

**– Жаңы терминдер, жаңы багыттар менен көп иштейсиздер. Кыргыз жаштары кандай кабыл алып жатышат жана канчалык деңгээлде жардам алып жатышат?**

– Кыргыз жаштары ийкемдүү, зирек, бизнеске умтулушат. Өзгөчө ойлонуу аң-сезимине ээ. Бат кабыл алышат. Бирок тобокелчиликтен корккондор жок эмес. Алар оңой оокатка оошот. Көбү Орусияга барып иштеп, ден соолугун коротуп, акча таап жатышат.

**– Экономикасы жарды, инвесторлор дээрлик жок, тоо-таштуу жерде турабыз. Алакандай эл болсок, бизде кандай бизнестер актуалдуу?**

– Чөл болсо да, суу сатып бизнес кылса болот. Кыргызстанда эч бир бизнес баштала элек. Жокко эсе. Мисалы: мөмө-жемишти кайра иштетүү. Алма, сабизди муздаткыч кампаларда сактап, жазда, жайда сатуу. Кулпунай, балык өстүрүү, мончо куруу, курулуш шаймандарын ижарага берүү, шире, варенье чыгаруу. Күнөсканаларды куруп, ресторан, кафелерге өткөрүү үчүн кымбат жашылчаларды, аш-көктөрдү өстүрүү сыяктуу толгонтокой бизнес бар.

**– Макул, баарын өстүрдүк. Аларды экспорттоо маселесичи?**

– Башка жакка экспорттоо эмес, өзүбүзгө жетпей жатат. Бизнести баштаар алдында сөзсүз кеңеш алып, рынокту изилдеп, план түзүп, анан баштаса ийгиликтүү болот. Акмат дүкөн ачты деп, анын жанына Ташмат да жөн эле дүкөн ачып алса, бизнеси зыянга учурап калышы мүмкүн.

**–Сиздерге кайрылган ишкерлердин жаш өзгөчөлүктөрү жана алардын иш алып кетүү жөндөмү кандай? Инновацияларды жаш муун тез өздөштүрүп кетеби же тажрыйбалуу улуу муунбу?**

– Бизге ар кыл жаш курактагылар кайрылат. Бөлүп-жарып карабайбыз. Жаңы нерселерди чын дили менен кабыл алып, изденген улуу муундагы байке-эжелерибиз да бар, арасында баарын билем деп аңырандаган жаштар деле бар. Бизнести алып кетүү үчүн жаш курак маанилүү эмес.

**– Сиздердин кызматтан пайдаланып, ишкерликтин арабасын кылдыратып баштаган бизнесмендердин кийинки абалын көзөмөлдөп турасыздарбы?**

– Албетте, балдарыбыз сыяктуу эле болуп калышат, жетишкендиктерине сүйүнүп, кыйналса кошо кыйналып, башка жагынан жол көрсөтүп турабыз. Кыскасы, достук мамилени үзбөйбүз.


**– Эч нерсеси жок. Бирок бизнес кылсам деген кыялы менен таланты бар жаштарга кандай кеңеш бересиз? Эмнеден баштоо керек?**

– Идеядан башташ керек. “Эмне кылгым келет?”, “Эмнеге талап көп?”, “Менин эмне чеберчилигим бар?” деген суроолорду өзүнө бериши керек. Тиешелүү адистерден кеңеш алсын. Интернеттен изилдеп көрүүсү керек. Ар дайым өсүүнүн жолунда болуу керек.

**– Маек куруп бергениңиз үчүн чоң рахмат! Иштериңизге ийгилик тилейбиз!**

# Жакшы акын же жазуучу болуш үчүн көп окуш керек

"Сaресеп" гезити учурда коомдук аң-сезимдин бир формасы болгон көркөм адабияттын абалы кандай деген темага байланыштуу адабий талкуу уюштуруп, ага "Нур" борбору адабий ийримин негиздеген белгилүү акын, адабият таануучу Нурлан Калыбеков катышып, учурдагы адабияттын көйгөйлөрү жөнүндө аңгеме-дүкөн куруп берди





НУРЛАН КАЛЫБЕКОВ

### Мен советтик системада туулуп-өсүп чоңойдум

Советтик мектепте окудум, советтик тарбияны алып калдым. Советтик мамлекет "Бирөө баары үчүн, баары бирөө үчүн" деген коллективдүү аң-сезимдин мамлекети болгон. Мына ошол учурда постсоветтик мейкиндиктеги көпчүлүк өлкөлөрдүн көркөм адабияты калыптанып, өзүнүн жашоосун баштаган. Пушкин, Державин, Лермонтовдордон баштап, биздин "Манас" баштаган эпосторубузду, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө чейин социалистик мамлекет бизге адабият кылып берди. 1934-жылы съездде Максим Горький доклад жасап, улуттук адабиятты көтөрүү керек деген маселени алып чыккан. Муну Сталин баш болгон мамлекеттик ишмерлер карап чыгып, өлкөгө идеологдор керек деп, бул долбоордун башына Максим Горькийди коюшкан. Максим Горькийдин эле жеке муктаждыктарына мамлекет жылына 130 миң рубль жумшаган. Себеби эл караңгы, билимсиз болгондуктан мамлекетке тирүү идеологдор керек эле. Ошол себептен мамлекет жазуучуларды идеологиялык курал катары пайдаланган. Өкмөт алардын китептерин чыгарып, поэзия, проза, драматургиясын колго алып, акын-жазуучуларга өзгөчө камкордук жасаган.

### Элге идеология менен адабияттын кереги жок болуп калды

Ал эми биз 20 жылдан бери базар экономикасы менен капиталисттик системада жашап келе жатабыз. Пландык экономиканын ордуна рынок келди. Ал эми саясатта болсо, демократиялык мамлекет деп аталды. Азыр маалымат мүмкүнчүлүгү кең заманда элдин баары илимдүү-билимдүү. Мындай учурда элге идеология менен адабияттын кереги жок болуп калды. Адабиятка болгон кызыгуу өзүнүн гана жеке кызыкчылыгың болуп калды. Азыр болсо, кээ бирлерди байкап жүрөм, уйкаштыкты шурудай кылып тизет, бирок бир эле ойду айтат. Жамактын гана деңгээлинде төрт саптан кылып, 7-8-15 куплетке жеткирет да, аны китеп кылат да, саясатчылар өзүн тааныткандай, учурда жаш акындар дагы пиарга өтүштү. Эми буларды түшүнсө болот. Аларда жаштык дымак бар. Ал эми кырк-элүүгө, алтымышка чыгып, болбогон бир нерселерди жазып алышып, пиар кылып жаткандар ээнинди кейитет. Муну адам аң-сезиминдеги "ложный эго" деп коет. Бул жөн гана өзүн-өзү көрсөтүү дегендикке жатат.

### Чыныгы акын түпкүлүгүндө эч качан коом менен эсептешпейт

Ал кандайдыр бир даталар үчүн "заказной" чыгарма жаза койбойт. Чыныгы акын, чыныгы жазуучу ал өзүнүн ички дүйнөсүн эле казып, аны кагаз бетине түшүрөт. Аны эл окуйбу, окубайбы, ал ага кызык эмес. Кеп анын кагаз бетине түшкөндүгүндө. Ал эми публикага иштеген акын ошол элдин же коллективдин жалпы акыны болуш керек. Ошонун кулу болуш керек. Же кыргызды макташ керек төкмөлөрдөй болуп, "Оо, кыргыз сен укмушсуң, сен улуксуң, сендей эл дүйнөдө жок" деп, элдин "ложный эгосуна" тийишиң керек. Же болбосо коомдо болуп жаткан терс процесстерди жамандаш керек. Акаев – көк мээ, Бакиев – келесоо, элдин эсебинен байыды, эл тентип кетти деп, коомдогу көйгөйлөрдү какшаш керек. Мына ушинтсең элге жагасың. Ошондо эл сага "Оо, бул биздин бала турбайбы" деп кол чабат. Сени колдойт. Бирок сенин ушул ырыңа элүү жылдан кийин эл кол чабабы? Кеп мына ошондо. Мисалы, Омар Хаямдын, Фирдоусинин, Саадинин чыгармаларын окуп көрсөң, алар өз учурун мактабай эле турушат го. Бирок алардын саптарындагы кылымдар бою көөнөрбөй турган не деген терең маани ушул күнгө чейин актуалдууу болуп келе жатат. Алар мындан дагы жаман замандa жашашса да, эч кимди шыбап жамандаган жок го. Бирок алар не деген акыл-насаат, тамсил, дидактиканы мурас кылып калтырып кетишпеди. Мына 20 жылдан бери не деген шумдук окуялар болуп жатат. Бир тамсил жазылдыбы? Тамсилди жаз. Бул эң сонун классикалык жанр. Бул бир. Экинчиси, 20 жылдан бери канча төңкөрүш болду. Качып кетип жатат, атып кетип жатат. Бир тарыхый көзгө көрүнүктүү роман жазылдыбы. Азыр оң каарман, сол каарман деп жазат, ар ким өзүнүн уруусундагы жылкы уурдаган бирөөнү баатырдын даражасына жеткирип, тарыхый чыгарма деп коёт.

### Азыркы адабият дилетанттардын деңгээлине түшүп калды

Профессионализм жок. Себеби адабий сын деген таптакыр өлүп калган. Өкмөт тарабынан эч кандай гонорар төлөнбөсө, анын китеби чыкпаса, анын кимге кызыгы бар? Азыркы учурдагы адабий сынчылар көбүнчө адабияттын тарыхына өтүп алышты. 20-30-жылдардагы чыгармаларды иликтешип, же болбосо Нурмолдо, Молдо Багыш, Молдо Нияз сыяктуу акындардын чыгармаларын адабий изилдөөгө өтүп калышты. Ал эми учурдагы адабий процесске баа берүү деген жокко эсе болуп калды. Азыркы учурда жазуучулук пикир деген эле калды. Анда да ал жерде чыгармага сын айтпай эле аны мактайт. Социалисттик учурда акын-жазуучуларга өкмөт менеджер болчу эле. Азыркы учурда байлар толуп жатпайбы. Шайлоо десе акчасын аянбай чачат. Мисалы, бир эле бай "Айтыш" коомдук уюмун тикелеп койду го. Бир басмакана ач. Китептерди чыгар. Аларды пропагандалап туруп сат. Бул рыноктун талабы болуп калды.

### Поэзия деген кесип эмес, поэзияны тагдыр деп коёт

Адабияттын башаты бул – поэзия. Поэзияны адабияттын жүрөгү, тулку-бою деп коёбуз. Андан кийин проза, драматургия болушу мүмкүн. Мейли акын болсун, жазуучу болсун, ага тагдыр керек. Же бирөөнөн ажыраш керек. Жалгыз калыш керек. Азыркы жаш акындарда тагдыр жок. Баарынын курсагы ток, кайгысы жок. Турмуштун азап-тозогун көргөн жок. Акындык деген – бул стихия. Кокус Токтогул Сибирге барбаса, Токтогул болот беле? Айтматов тагдырсыз Айтматов боло алат беле? Анын чыгармаларында өзүнүн башынан өткөргөн драматизми толугу менен чагылдырылган. Азыркыларда эмне "ширпотреб" ыр чыгарганга шашмай, үн жаздырганга шашмай, радиого, телеге чыгарганга шашмай. Кыскасын айтканда, жылдыздардын пapады. Бирок мен учурда тагдыры оор акын таптакыр жок деп айта албайм. Арабызда бар. Мисалы, Беловодскийде Венера Бөлөкбаева деген акын тагдыр күтүп жашап, жазып жатат. Жазуу стили дагы башкача. Мунун акыбалы таптакыр башкача. Жыргалбек Касаболотов деген акын бар. Эрнис Асек деген бар. Ал такыр китеп чыгарбайт. Жазып гана жүрүп отурат. Өтө билимдүү, көп окуйт. Олжобай Шакир деген гений бар. Анын прозасы бир шумдук. "Эски тегирмендин орду" деген чыгармасы эмне деген сонун чыгарма. Маселен, лириканы, махабат ырларын учурда Зайырбек Ажыматовдой ким жаза алат. Анын чыгармаларында ички ыргак ырдап турбайбы. Жашы улуу болсо да 90-жылдары адабиятка келген Карбалас Бакировдун чыгармалары да укмуш. Мен анын чыгармаларынын көбүн жатка билем. Кечээги эле Алик Акималиев "Адамды эч жаман дебегиле, жаман сөз айтпагыла дарегине, түрмөнүн түбүндө да адам жатат" деп, бул дүйнөдөн дербиштей болуп өтүп кетпедиби. Эми жок деп, оозубузду кур чөп менен аарчыбайлы. Бар. Жок эмес. Техниканын өсүшү менен ушул ыргакта менен кете берсек, жакында китептин деле бети ачылып окулбай калышы мүмкүн. Ошондуктан болгон мүмкүнчүлүктөрдүн баарынан пайдаланып, жаш акындар чыгармаларын эл арасына таркатууга аракет кылышы керек. Жакшы акын болуш үчүн көп окуш керек. Билимдүү болуш керек. Мисалы, А.Осмонов көп окуп , көп мээнет кылып, кыргыз поэзиясын бүткүл союздук деңгээлге чыгарып койду. Ушунчалык көп окугандыгы анын жазган чыгармаларынан автопортрет болуп көрүнүп турат. "Жолборс терисин жамынган баатыр" чыгармасында ал түбөлүк тема болгон өмүр, өлүм, сүйүү, достук темаларын өзүнүн замандаштары убагында идеологиянын чоорун тартып жүргөндө эң жөнөкөй тил менен кыргызча сүйлөтүп койбодубу. Айтматов билимдүү болбосо, кыргыз адабиятын дүйнөлүк деңгээлге жеткирет беле. Ошондуктан жаш чыгармачыл адамдар чыгарма жазууда билимге канып, потенциалына таяныш керек.

# Т.Төлөмүшев: “Шабдандын арбагы урсун буларды”

2014-жылы “Курманжан Датка” кино тасмасы жарыкка чыгып, өлкөбүздө гана көрсөтүлбөстөн, бир нече чет өлкөдө да көрсөтүлдү эле. Жакында Шабдан Баатыр атабыздын тарыхтагы басып өткөн жолу тууралуу тасма тартылганы турат. Бирок бул тасма чыкпай калышы да толук ыктымал. Анткени сценарийинде мүчүлүштүктөр кеткени көп айтыла баштады




АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

### “Жакшы ниетти көргөздүк, дипломатиянын да аягы болот”

Эгерде тасмага каражат жетпей кала турган болсо, жардам бергенге макул экендигин **“Шабдан Баатыр” тасмасын талкуулоо тобунун координатору Гүлжигит Исаков** мындайча баяндайт: “Биз жакшы ниеттебиз. Түрк тарап менен сүйлөшүп, аларды жардам берүүгө, кызматташууга чакырып, тасмага көмөктөшөлү дедик. Бирок “Шабдан баатыр” тасмасын тартабыз дегендер макул деп коюшуп, жок болушту. Биз жакшы ниетти көргөздүк, дипломатиянын дагы аягы болот экен. Колдон келишинче жакшы сунуштарыбызды бердик. Мындан кийинки сөздү эми эл өзү айтат. Биздин айткан сунуштар боюнча пикирин билдиргендин ордуна биздин сөздү башкача бурмалап, соккусу келип отурат. Булар түштүктөн, түндүктөн деп бөлүп, саясий заказ деп айтуу, бул туура эмес”.



### “Бюджеттин акчасы эмне Капаштын акчасы бекен?”

**Кемин районунун аксакалдар кеңешинин төрагасы Теңиз Төлөмүшев** “Кыргыздын тарыхы жазылбай, бурмаланып келди деп, кайгырып сөз айтчу элек. Эми тарых жаңыдан ачыла баштаганда бурмалагандар кыргыздын аттуу-баштуу адамдары болууда. Ушул сценарий башталгандан баштап 3–4 отурумуна катыштым. Ошондо “кой, катуу айтпайлы, дипломатияны сактайлы” деп келгенбиз. Бирок аягында чыдам кеткенде ачыгын айтууга туура келип атат. Кыргыздын тарыхын карасак, Советтер союзунун учурунда көптөгөн тарых бурмаланган. Шабдан Баатырдын тарыхы жазылмак турсун, сүрөтүн көргөзбөй, анын бала-бакырасынын баарын көрүнгөн жерге кубалаган. Эми азыр Каныбек Иманалиев баш болуп, тарыхты бурмалап атканы туура эмес. Каныбекке “Бул кылганын иттик, мен сага каршы чыгам” деп айттым. Каныбек “Бюджеттен акча бөлдүрдүм” деп айтып атат. Бюджеттин акчасы эмне Капаштын акчасы бекен? Ал акчаны бөлдүрүп алып, оюна келгендей китеп жазып, сценарий жазып, кино тартканда болмок беле. Эрнист Абдыжапаров “Манаска” каршы чыккан жайсаңчы. Булардын сценарийинде Шабдан баатыр кымыз ичкени жатса, чынысына чегиртке түшсө, кошо жутуп ийип атат. Казактын жылкысын тийип качып келатса, казактар башка чаап, жолдо жыгылып калганда periштелер “Менин Айымкан деген кызымды алсаң сага жакшынакай бала тууп берет” дедирген. Кокондун кызы менен жолугуп, жыттышып–өбүшүп, “Мен сени алам” деп атат. Мындай болгон эмес. Айланайын, кыргыздын каада-салты каякта, каякка баратабыз? Бул эмне деген маскарапоздук! Болбогон тыйынга, атак-даңкка көз артпай, мындай иштерин токтотушсун. Шабданга тийбесин алар, анын арбагы урсун буларды. Конкурс жарыяланып, сценарий кайра жазылып, фильмдин режиссёру кайра тандалсын. Кеңешчилери мыкты тарыхчылардан болсун” деди.



### “Мындай тасмалардын айынан же батыш, же чыгыш, же кыргыз боло албай келебиз”

**Филолог Ленара Ниязбекова:** “Кыргызстан силер менен биз үчүн чачыбыздын учунан бутубуздун учуна чейин агып аткан кан, жашоо, өмүр, дегеле жүрөгүбүздүн соккону – бул Кыргызстан. Кыргыз деген байыркы көчмөн калк катары жарыкчылыкта орду кандай? Ким эле, ким болду, ким болууга тийиш? Кыргыздын бүгүнкү күндөгү кайра жаралуу доорундагы тарыхы кандай жазылыш керек. Кыргыздын тарыхы ташка тамга баскандай жазылыш керек. Келечектеги жаш муундарга үлгү суна албай, бүгүнкү күндө же батыш боло албай, же чыгыш боло албай, же кыргыз боло албай келебиз. Өсүп келе жаткан жаштарга жакшы фильм тартылыш керек эле. Сөз ушул 80 миллиондо эмес, Шабдан баатырдын тарыхый образында. Сценарийдин башынан аягына чейин одоно бурмалоолор болгон. “Шабдан баатыр”, “Курманжан датка” кыргыз фильмдерине чейин эле бул инсандардын тарыхый басып өткөн жолу, орду бар. Бир эле Кыргызстанда эмес, бүтүндөй дүйнө жүзүндө булар жөнүндөгү документтер архивдерде сакталып турат. Биз айттык, архивде нечендеген фактылар бар. Биз авторго да, “Кыргыз фильмге” да кайрылып, тилибиз тешилип атат. Элдин батасы гана эмес, каргышы да бар. Ушул тасма бүгүн аба менен суудай керек болуп турат. Жаштар көргөндө даңазалуу, бирок оор жолду басып өтүп, мамлекет болгон турбайбызбы деген сезимди чагылдырыш керек. Шабдан баатыр бул көчөдө жүргөн биринин образы эмес, ал тарыхый инсан болгондуктан буга ачык сынак жарыялансын. Бир эле сценарист эмес, режиссёр дагы алмашып, туруктуу комиссия түзүлсүн”, – дейт филолог.



### “Жайсаңчы тартабы, баптист тартабы, мага баары бир”

**Шабдан баатырдын чөбөрөсү Жаңыл Абдылдабек кызы** “Мен сценарийдин биринчи вариантын окуганда мындан көрө тасма тартылбай эле калсынчы дегем. Сценарийде мүчүлүш жерлери бар. Бирок азыркы учурда кыргыздын нукура сөздөрү менен диалогдор оңдолуп атат. Тасма мыкты деңгээлде болсун деп, биз мунун үстүндө иштеп атабыз. Сценарий өзгөртүлүп жатат, толук бүтө элек. Мен расмий түрдө комиссияда жокмун. Мени Шабдан баатырдын чөбөрөсү катары ар бир талкууга чакырышууда. Мен жакшы тасма чыкса экен деген гана ниеттемин. Тасманы жайсаңчы тартабы же баптист тартабы, мага баары бир. Эң башкысы сценарийди тарыхтагы фактыларга түздөгөнгө аракет кылып атабыз. Бул адамдардын баарына каржылоо керек. Маалымат жыйынды өткөрүүгө да акча кетет, буларды бирөө каржылашы мүмкүн. Кино тартылбай да калышы ыктымал. Анткени азыркы күнгө чейин акча бериле элек. Бул тасма жакшы жакка тартылсын деген ой жок эле, жабылып калуусун ойлоп жүрүшөт. Бул саясат оюну экени так эле билинип турат” деп билдирди Шабдан атанын чөбөрөсү.





### “Ар ким өз багытынын устаты болушу керек”

**“Шабдан баатыр” тасмасынын илимий кеңешчиси Аскар Беделбаев:** “Мен ушул тартыла турган көркөм тарыхый фильмдин илимий кеңешчиси болуп бекитилгем. Мен тарыхчы, илимпоз катары Шабдан баатыр жөнүндө 80-жылдардан бери изилдеп келе атам. Ошол жылдары Орусиянын көп жерлерине, Ташкенттен жана башка мамлекеттерден Шабдан баатыр тууралуу материалдарды чогулткам. Ал тууралуу чакан китебим дагы чыккан. Ар бир иш улам толукталып, анан оңдолот. Биринчи эле вариант өзгөрүп, 5 жолу талкуудан өттү. Илимий ишти жазууда деле 5 жолуга чейин оңдолот. Эмне үчүн орусча жазат деп айтышат. Эми Эрнис орусча окуган бала экен. Анын үстүнө адабий редактор бар. Ал таза кыргызча бардык сөздөрдү оңдоп атат. Айтылган кемчиликтердин баары эле оңдолуп атат. Алар “Каныбек Иманалиев жайсаңчы, Эрнис Абдыжапаров жайсаңчы. Жайсаңчыбы, демек, калмак, а калмак кыргызга жакшылык кылмак беле” деп жатышат. Чын-чынына келгенде тарыхтын, журналистиканын, кинонун өзүнүн тили бар. Тарыхый түптүү документ болсун дейт. Анда ал тасма документалдык тасма болуп калат. Бул тасма документалдуу эмес, көркөм документалдуу тасма. Кинонун өзгөчөлүктөрүн, кинону бүткөндөр гана билет. Ар ким өз багытынын адиси болушу керек”, – деди.

*Эки тарап тең Шабдан баатырдын тарыхта басып өткөн жолун тасма аркылуу чагылдыргысы келип жатышат. Бирок эки тарап тең бир келишимге келип, бул тасманын мүчүлүштүктөрүн, катачылыктарын бирге оңдогонго аракет кылышса, мындай ызы-чуу болмок эмес. Сценарист менен кино тарткан режиссёр тарыхчылардын консультациясын алып, сценарийин чогуу жазышса, бул тасма өз убагында тартылмак. “Шабдан баатыр” тасмасы тартылып, Оскар сыйлыгын албаса да, кыргыздын кегине жараган тасмалардын бири болот деп ишенебиз. Тарых жана көркөм адабият окулбай жаткан азыркы кезде тарыхый чыгармалар сапаттуу жана туура тартылса, келечек муундун мекенди сүйүү сезими менен чоңойушуна чоң салым кошмок.*



# Саясий оюндар бардык тармактарга зыянын тийгизүүдө

Биздин өлкө үчүн Евразия экономикалык биримдиги аркылуу Европа мамлекеттерине чейин кеңири жол ачылат. Ошондуктан Орусия менен ЕБдин биригүүсү биздин экономика жана ишкерлерибиз үчүн да маанилүү. "Ири Европа" долбоору жана бул аймактын учурдагы маселелери тууралуу Орусия илимдер академиясынын "Европа институтунун" директору, тарыхчы Алексей Громыконун макаласын назарыңыздарга сунабыз

АЛЕКСЕЙ ГРОМЫКО

### Европа мамлекеттери Орусия менен кызматташууну каалайт

Дүйнө глобалдашууга б.а., биригүү жолуна түштү. Биригип жаткан тараптардын кызыкчылыгы дифференциалдуу адилеттик принциби менен эске алынса, бардык тарап үчүн пайдалуу болот. Географиялык аймактык өзгөчөлүктөрдөн улам Европа биримдиги (ЕБ) менен Орусия Федерациясы мамилелерин кайрадан куруп чыгууга мажбур.

Лиссабондон Владивостокко чейинки мейкиндикти бир бүтүндүк катары караган "Ири Европа" концепциясы Европа цивилизациясынын бүткүл мейкиндигин максималдуу топтоп чыңдоо идеясына негизделген. Экономикалык тармакта бул эркин соода зонасы катары каралышы мүмкүн. Буга чейинки кызматташууда бардык башка тармактарга караганда эң илгериге кеткен жалпы гуманитардык мейкиндик буга жакшы негиз болушу мүмкүн. Мисалы, өзүнүн жакшы-жаман жактары менен белгилүү болгон Болон системасы Евросоюздун өлкөлөрү менен Орусиянын билим берүү тармактарынын жолдорун бириктирүү, координациялоо, өз ара таасир этүү жана стандартташтыруу аракеттери жыл сайын жогорулап келе жатат.

Эң көп көйгөйлөр экономикалык, гуманитардык жана илимий кызматташтыкка таасирин тийгизген саясий мейкиндикте топтолду. Учурда саясат бардык мамилелердин комплексине чечүүчү таасир берген ролго ээ болуп турат. Алардын ичинен жалпы европалык цивилизациялык мейкиндикти жакындаткан экономикалык тармакка саясат өтө оорчундуу жана зыяндуу таасирин тийгизүүдө.

Украинадагы кризис жана анын натыйжалары жасалма нерселер. Бул жерде америкалык фактор маанилүү ролду ойногонун моюндасак, бул кризис Евросоюздун көпчүлүк өлкөлөрүнүн кызыкчылыгына туура келбеси ачыкка чыгат. Украинанын тегерегиндеги оюндар Вашингтондун саясатынын илинчегинде бара жаткан бирин-экин европалык мамлекеттердин көз карашын чагылдырарын билүүбүз керек. Демек, биз Европа жана жалпысынан анын негизги борборлорунун өкүлдөрү учурдагы араздашуулардын каршылашууга өтүп кетүүсүнө кызыкдар эмес деген жыйынтык чыгарсак болот.

### Универсалдуу укуктар дифференциалдуу киргизилүүсү керек

Европа көп убактардан бери идеалисттик эмес дүйнөдө жашап келе жатат. Адам укуктары жана демократиялык институттардын проблемалары акыркы жылдарда көбөйдү. Евробиримдикте адам укугу жана либералдуу демократия сыяктуу тезистерди ички жана сырткы саясаттын негизи катары пайдалануу саясий саркечтикке айланса да, саясатты толугу менен бул баалуулуктардын үстүндө куруу барган сайын оорлоп бара жатат.

Адам укуктарынын жана демократиянын баалуулуктары универсалдуу экендиги түшүнүктүү. Бирок ЕБде көп жылдар бою башка мамлекеттердин партиялык-саясий системасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн этибарга албастан, бул тармактарда европалык стандарттарды ылайыкташышы керек деп эсептешишкен. Менимче, бул жерде полицентризм идеясы айрыкча пайдалуу. Полицентризм идеясы боюнча дүйнө ар түрдүү болгондуктан, дүйнөнүн өнүгүшү бир калыпта эмес, ал ар кандай болуп, ар кандай ыргакта өнүгүшү мүмкүн. Ошол учурда гана демократия жана адам укуктары боюнча тезистер мамлекеттерди дестабилизация кылуу үчүн пайдаланылбай калат.

Орустун кулк-мүнөзү жана маданияты XVII-XVIII кылымдардан бери эле европалык жана азиялык деп бөлүнбөй калган. Орусияны мекендеген адамдар өлкөсүн тээ батыш чек араларынан баштап Тынч океанга чейин бир бүтүндүк катары тааный башташкан. Орусия үчүн мындай идентификация "бир убакта эки отургучта отуруп калуу" аракети эмес, тескерисинче, өз чектеринде антагонизм жана карама-каршылыгы жок көп кырактуу бир бүтүндүк.

### Биригүү дайыма араздашуу менен коштолуп келет

Суук согуш токтогону "Жалпы европалык үй" түшүнүгүнүн жолунан көптөгөн тоскоолдуктарды жараткан идеологиялык жана аскердик факторлор алынып салынган. Евробиримдиктин экономикалык жана саясий планда күчтөнгөнүнөн улам бул түшүнүү бир багыттуу гана болбостон, европалык тараптан да колдоо тапкан.

Бирок 90-жылдарда жана андан кийинчерээк АКШ өзүн дүйнөнүн жалпы өнүгүшүн багыттаган жалгыз супер кожоюн ролун бекемдөө аракетине өттү. АКШнын мындай амбицияларынын өсүшү менен АКШ-Евробиримдик-Орусия үчилтигинин алкагында экономикалык, саясий интеграцияда жана биргелешкен коргонуу менен коопсуздукту камсыздоодо бирдиктүү саясатка жетүүгө мүмкүн эместигин Европа менен Орусия түшүнө башташты.

"Ири Европа" долбоору алдын-ала күтүлгөн тоскоолдукка учурай баштады. Акыркы бир нече кылымды камтыган дүйнө тарыхында эл аралык мамилелердин эскисинен жаңы моделге өтүп жаткан учурунда мындай идеялардын араздашуу жаратып, каршылашууга учурабаган мисалдары жокко эсе. XVII кылымда Вестфал тынчтыгын орнотуу үчүн "Отуз жылдык согуш" талап кылынган. Вена конгрессинин алдын "напалеондук" деген согуштар коштогон. XX кылымда Ялта-Потсдам эл аралык системасынын калыптануусу үчүн адамзат эки дүйнөлүк согушту башынан өткөргөнгө мажбур болгон.

### Евробиримдиктин күчтөнүүсү НАТОнун алсыздоосуна алып келет

Азыр биз, тарыхчылар эл аралык мамилелер боюнча адистер үчүн өтө кызыктуу болгон доордо жашап жатабыз. Бирок бул карапайым адам үчүн өзгөчө көп борбордуу дүйнөгө өтүп жаткан учурда өтө оор болот. АКШнын жана анын Жер Ортолук деңизинин тегерегиндеги, Жакынкы, Ортоңку Чыгыштагы жакын союздаштарынын саясатында араздашууда аскердик күчтү колдонуу жана туруктуу эл аралык мамилелерди атайын бузуу сыяктуу ашмалтайы чыгып, өзүн-өзү актабай калган элементтер аралашып калган. Алардын максаты – АКШга карата өз алдынча автономдуу позиция ээлей алган күч борборлоруна кошумча көйгөйлөрдү жаратуу.

Орусия менен НАТОну бириктирүү идеясынын үстүнө "Ири Европаны" куруп чыгуу мүмкүн эмес болуп калды. Тилекке каршы, НАТО "Ири Европа" идеясын ишке ашпай калышы үчүн болгон күчүн үрөгөн курал катары колдонулууда.

Мен Евробиримдиктин аскердик күчүн арттырганы Орусия үчүн пайдалуу болмок беле деп ойлойм. Муну менен Евробиримдик НАТОнун алсыздоосуна жана маргиналдашуусуна көмөкчү болмок. Европалык саясатчылардын көпчүлүгү НАТО АКШнын улуттук кызыкчылыктарын Европада турмушка ашыруучу куралы экенин түшүнүшөт. Ошондуктан Орусияда жайыла баштаган "Европа биздин АКШ сыяктуу эле геосаясий душманыбыз" деген идеяга карабай, Европа өлкөлөрү менен, анын ичинде ылайыксыз сыяктуу өнөктөштөр менен да кызматташууну токтотпоо керек. Бул өлкөлөрдү сырткы оюнчулар тарабынан тануулангaн нуктан кайра жалпы европалык нукка түшүүсүнө түрткү болгон иштерди улантуу зарыл. Объективдүү, анын ичинде географиялык себептерден улам "Ири Европа" сценарийи ишке ашат деген жакшы оюм бар.

Саясатчылар жана жылкылар



# К.Исаев: **“Ат менен алыска чыксак болот”**

Нукура кыргыз баласы аттын кулагы менен тең ойноп чоңоёт. Калың журтка төбөсү көрүнүп калган азаматтар арасында атка ышкыбоздор аз эмес. Бул эмне модабы же чындап эле улуттук оюндардын жандануусубу? Көкбөрү федерациясынын төрагасы Канатбек Исаев Камбар ата тукуму - жылкы баласы, ат спорту тууралуу маек курду. Башы мурунку санда

РАХАТ АКМАТОВА

**– Кайра жылкы баласы жөнүндөгү сөзүбүзгө келели. “Басмайылдын кысканын минген билбейт, ат билет, эр жигиттин жакшысын жакын билбейт, жат билет” дейт. Ат акылдуу жаныбар эмеспи, ээсинин ички оюн, кулк-мүнөзүн билип алат дешет, бул чынбы?**

– Ат ким минип атканын да жүз пайыз билет, минген адамга жараша да мамиле жасайт. Мисалы, бир улакчы минсе, ал атты иштете алат, башка бала минсе, ат ойдогудай иштебейт. Ат мине албаган кишиге жылкы баласы баш ийбейт. Чынында эле жылкылар абдан акылдуу келишет. Оюнда деле көк бөрүдөн көрүп атпайбызбы, жакшы ат көп жерде үстүндөгү улакчыга караганда улакты эңип, тай казанга салганга көбүрөөк эмгек кылат.

**– Жылкыларыңыздын арасынан эң жакшы көрүп минген аргымагыңыз барбы?**

– Мен бала кезден эле көп жылкы миндим. Бирок төрт-беш жылдап минген жылкыларым болду. Мисалы, “Байгула” деген атты мен 5 жылдай улакка минип жүрдүм. Акыркы 4–5 жылдан бери Кыргызстанда белгилүү курама командада ойногон “Ак жал” деген ат бар. Ошону мен 4–5 жылдан бери минип жүрөм. Ал кичине жаракат алып калып, азыр буттарын дарылап жүрөбүз. Бирок ал деле оңолсо, кайра эле минип чыгабыз деген ойдобуз.

**–Атты айрымдар “Менин да атым бар” деп атак үчүн кармашат экен, сиз кандай ой менен кармайсыз?**

–Менде башы атадан калган жылкылар бар. Кыйналып, акча керек болуп турганда да мен бул жылкыларды саткан эмесмин. Башка малдарымды сатсам да, жылкыларымды кармап келе атам. Бул мактаныч үчүн эмес, бир чети селекция үчүн. Бул мен үчүн өтө баалуу нерсе. Стресс болгондо, жумуштан чарчаганымда эс алып, ат минип, жылкыларымды айдайм. Мен бала кезимен баштап эле, 20 жылдан бери селекция жүргүзүп келе атам. Анын үзүрүн азыр көрүп атам. Кандай бээге кандай айгырды кошсо болот, кандай кулун түшөт экен, ага башка тукумдагы айгырды кошсоң кандай болот деп селекция жүргүзүү өтө кызыктуу нерсе. Үйдөгүлөр да “Ай, ушул ат десе эле акча табасың, башка нерсеге акчаң чыкпай калат, жакшы бир жылкыны көрсөң сөзсүз түрдө, кандай болсо да акча таап сатып аласың” деп айтып калышат. Жылкы менин жашоомдо өзгөчө бир орунду ээлейт. Мен жылкыны атак үчүн кармабайм, бүгүнкүгө чейин улак тартам.

> Стресс болгондо, жумуштан чарчаганымда эс алып, ат минип, жылкыларымды айдайм


**– “Аккула” ат майданында күйөрмандар батпай калып, оюнду көрүүдө кыйынчылыктар жаралып жатканына күбөбүз. Мындан улам улак ышкыбоздору оюндун арткы бетине трибуна салып беришсе жакшы болоор эле деген көйгөйлөрдү айтып жатышат. Бул маселени чечсе болобу?**

– Айрым адамдар ондоп койсо жакшы болмок деп, түшүнбөй эле айта беришет. Бул ипподромдор сатылып кеткен, менчик. “Биз кыргызбыз, ат менен жаныбыз барабар” деп айта беребиз дагы борборубуздагы болгон жалгыз ат майданын сатып жибергенбиз. Бишкектеги ат майдан да, Караколдогу ат майдан да сатылып кеткен. Федерациянын жетекчиси катары, депутат катары сот аркылуу Каракол ипподромун кайрадан элге кайрыдык. “Аккула” боюнча да ошондой ишти жүргүзүп келе атам. 3 жылдан бери сот иштери болуп келе атат. 57 гектар аянтты ээлеген ипподром болгону 814 миң сомго, Караколдогу 44 гектар аянтты ээлеген ипподром 1 миллион сомго сатылып кеткен. 1 миллион сом жана 814 миң сом бул 5000$ деген сөз да, мындайча айтканда, 5 сотых жердин наркы да ошончо турбайт. Эгерде булар мамлекетке кайра кайтарылса, сөзсүз түрдө шарт түзөт элек. Ошол сатып алган адамдар да ат майданын оңдоп-түздөп шарт түзө турган болсо биз унчукпайт элек да. Бирок сатып алышып, эч кандай иш кылышпай жүргөндөрү кейиштүү. Биз азыр болгон күч-аракетти жумшап, ипподромду кайра мамлекетке кайтарып берели деген ойдобуз. Ага мен депутат катары эмес, федерациянын жетекчиси катары бардык күчүмдү, бардык аракетимди жумшайм. Кудай буюрса, мамлекетке кайтарылса, күйөрмандарга шарт түзүлгөндөй кылабыз. Ооба, ипподромго дайыма эл батпайт, нааразы, жаанда суу болушат, ысыкта баштарынан күн өтөт. Биз деле убагында ошол күйөрмандардай болуп, такыр көрө албай, эл ичинде тургангбыз.

**– Алдыда Түркияда көкбөрү боюнча чоң мелдеш өткөнү жатат. Ага даярдыктар барбы, аттарды учак менен алып барууга каражат табылдыбы? Кыргыздын намысын кайсы улакчылар коргойт?**

– Азырынча бул маселе чечиле элек, бирок буюрса, жолдорун табабыз го. Ал эми 31-августта Президенттин кубогун уткан команданын оюнчулары Түркияга барчу курама команданы түптөйт.






# Футбол менен Көкбөрү

АЛЫ ТУТКУЧЕВ

А балким футбол ойносок,
Биринчи турдан учабыз.
Реал Мадрид утту деп,
Рональдо кыйын, мыкты деп,
Интернетти тытабыз.
Реал Мадридди улактан,
Жетимиш нөлгө утабыз.
Бавария, Челси эмне экен.
Баштары алтын эл бекен.
Кабылан менен Бөрүлү,
Суусамыр, Талас кем бекен.
Көкбөрү чабуу жагынан,
Көп улут менен мелдешем.
Карыпбек, Урмат, Уландар,
Каныккан атка маштары.
Ордолуу Оштон Таши бар,
Ысык-Көлдүн Акбары.
БТР, Акжал, Евро,
Япончик, Зорро аттары.
Талкан болуп бычырайт,
Таманы тийсе таш дагы.
Атын мен айтып бүтө албайм,
Ары жакта толо жаштары.
Булар бар кезде мекендин,
Бүркөлбөйт ачык асманы.
Көкбөрү болуп кетпейби,
Көз арткан жоонун баштары.



# Кызыл камчы курмандыктары

**Бүгүнкү күндө үй-бүлөдөгү аялдарга болгон зордук-зомбулук маселеси глобалдашып, учурдун актуалдуу бир көйгөйүнө айланды. Расмий иликтөөлөр боюнча Кыргызстанда жылына ур-токмокко кабылып, атайын органдарга кайрылган аялдардын арызы миңдеп саналат. Аялдарга кордук көрсөткөн кызыл камчы күйөөлөр болсо, өз жазыктарын албай, аялын ур-токмокко алууну үй-бүлөлүк жашоонун атрибуту катары көрүп келишет**

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Кыргызстандагы ар бир төртүнчү үй-бүлөдөгү аял зордук-зомбулукка кабылып, психикалык жана физикалык жактан запкы жеп келет. Айрымдары атайын органдарга убагында кайрылып жардам сурашса, көпчүлүгү көйгөйүн ачык айтуудан баш тартышып, мындай көрүнүштү аялзатынын тагдыры катары көрүп, жашырып келишет.

Ички иштер министрлигинин берген маалыматы боюнча 2012-жылы аялдарга карата зордук-зомбулук жасап каттоого түшкөн эркектердин саны 2341 болсо, 2013-жылы 2265ке жетип, булардын ичинен 1011 адамга административдик айып берилген. **2013-жылы ур-токмокко кабылган аялдардын 11и көз жумган**. Ошондой эле бул жылдар аралыгында аялдарга карата кылмыш жасоо боюнча жалпысынан 20 иш сотко жиберилип, жыйынтыгы белгисиз бойдон калган. Ал эми 2014-жылы 2542 аял зордук-зомбулукка кабылгандыктары тууралуу атайын арыз менен тиешелүү органдарга кайрылышкан. Темир тор аркасындагы аялдардын 60 пайыздан ашыгы да күйөөсү кол көтөргөн учурда сактанабыз деп, күйөөсүн кокустан өлтүрүп алып, жазага тартылгандар.

"Жолдошум мени өлтүрүп коет деп коркуп, милицияга барбай жүрө бергем, качан гана төшөктөн тура алгыс кылып сабаганда баарын ачыкка чыгарууну туура көрдүм" деген Бейназир айым төмөнкүлөргө токтолду: "Күйөөмдү жактырып, анан турмушка чыккам. Башында эл катары жашап жүрдүк. Казан-аяк кагышса, үй-бүлөдө боло берет деп көз жумуп койчумун. Балалуу болгондон кийин эле күйөөм көп ичип, себепсиз эле колу тийчү болчу. Эл укса эмне болот деп, туугандарыма айтпай эле жүрдүм. Акыры мени көгала кылып, бейтапканага түшкөнчө сабагандан кийин милицияга арыз жаздым. Кайненемдер келип, өз жолдошуңду да соттотуп жибересиңби, балдарыңдын келечеги кандай болот дегенинен кайра арызымды алып, ажырашып тындым". Бейназир учурда эки баласы менен жалгыз жашап жатканын, күйөөсү бир да жолу басып келбегенин кошумчалай кетти.

Кызыл камчы күйөөсүнөн качып, кайда бараарын билбеген аялдар атайын убактылуу кризистик борборлордо баш калкалашат. Республикадагы Кризистик борборлор ассоциациясынын берген маалыматы боюнча Кыргызстанда жалпысынан 10 кризистик борбор бар, анын экөө Бишкекте жайгашкан. Бирок Кыргызстан үчүн бул сандагы кризис борборлору аздык кылып келет. Алсак, 2013-жылы Бишкектеги "Сезим" кризистик борборуна 77 аял кайрылган. Ал эми жардам суроо иретинде ишеним телефонуна бир жыл ичинде 915 чалуу кабыл алынган.

Кризистик ассоциациянын мүдүрү Александра Елиференконун атайын булактарга берген маалыматы боюнча "Мен үй-бүлө башчысымын" деп, аял укугун эң акыркы орунга коюп, "Ал үй ишин кылат, бала тарбиялайт, ал кымбат кийим-кечени эмне кылат, эч жакка чыкпайт" деп, психологиялык кысым көрсөткөн эркек кишилер Кыргызстанда өтө эле арбын. "Литвада калктын аздыгына карабастан, кризистик борборлор 40тан ашат, Лондондо болсо 90 борбор бар. Бизде болсо, болгону 10 борбор бар. Ал борборлорго жылына 10 миңден ашык адам кайрылат", – деди ал.

Саламаттыкты сактоо министрлигинин берген маалыматы боюнча ур-токмоктун негизинде оор жана жеңил жаракат алып, атайын медициналык мекемелерге кайрылган аялдардын саны 2012-жылы 3427 болсо, 2013-жылы 3567ни түзгөн. Ошондой эле дарыгерлердин айтымында, көпчүлүк айымдар ур-токмокко кабылгандан кийин кандай гана жаракат албасын, өз алдынча үй шартында дарылануунү эп көрүшөт. Бейтапканага кайрылгандардын катарын катуу жаракат алгандар түзөт.

Психологдордун айтымында, жубайына кол көтөргөн эркектердин көбү атасы апасын ур-токмокко алган үй-бүлөдө чоңойгон адамдар болуп саналат. Ошондой эле өздөрүнүн алсыз болгонунун натыйжасынан аялын уруп, өзүнүн күчтүү экенин далилдегиси келет. Буга кошумча үй-бүлөдөгү аялдарга болгон зордук-зомбулук алкоголдук ичимдиктин натыйжасынан, кызганычтан чыгарын да психологдор далилдеп келишет.

Дүйнө жүзүндө жалпысынан аялдардын 35 пайызы зордук-зомбулукка кабылып келет. АКШда бир жылдын ичинде 1000ге жакын, Францияда 122 аял ур-токмоктун айынан көз жумса, Россияда аялдардын 80 пайызы үй-бүлөлүк зомбулуктун курмандыктары болушат. Аялдарга кол көтөрүү өзгөчө Орто Азия, Кавказ жана мусулман өлкөлөрүндө көп катталат.


Юрист Асель Рысбаеванын айтымында, кыргыз коомунда аялдар көпчүлүк учурда жолдошунан көз каранды болушат. Бул көрүнүштүн негизинде чексиз бийликке ээ болгон күйөөлөр каалаганын жасап, кол көтөрө баштайт: "Эркектердин аялдарга кол көтөрүүсү Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 104, 105, 111 жана 112-беренесине ылайык адамдын өздүгүнө каршы жасалган кылмыш болуп эсептелинет. Ур-токмокко, зордук-зомбулукка кабылган аял укук коргоо органдарына кайрылуусу керек.

Бирок укук коргоо органдары бул сыяктуу көрүнүштөргө кылмыш ишин козгоого көп ашыга беришпейт. Козголгон кылмыштар болсо, көпчүлүк учурда сотко жетпестен, иликтөө учурунда эки тараптын элдешүүсү менен аяктап калат. Мунун натыйжасынан айтылуу көрүнүшкө тиешелүү жазык иштеринин преспективасынын жоктугунан тартип коргоочулар көп аракет жумшабастан, эки тараптын конфликтин мыйзамсыз эле чечип алуусун туура көрүшөт.

Ошол себептүү ур-токмокко кабылган аялдар күйөөсү кол көтөргөн учурда жашырып койбостон, жакындарына, туугандарына, кризистик борборлорго кайрылып, абалды чечкиндүү колго алыш керек. Жеңил жаракат алса дагы милиция бөлүмдөрүнө арыз жазып, Медициналык экспертиза борборуна жаракатты тастыктоо үчүн жолдомо алуусу абзел".

"Мутакаллим" коомдук бирикмесинин төрайымы Жамал Фронтбек кызынын айтымында, ислам дининде эркек үйлөнгөндөн кийин ал аялды бөлөлөп, баркына жетип жашоосу керек. "Ислам дини боюнча эркек аялын урганга акысы жок. Болгону мисфак менен урууга уруксат берилген. Мисфак менен уруу – бул аялды токтотуу негизинде акырын чаап коюу. Пайгамбарыбыздын "Бейиш эненин таманынын астында" деген хадиси бар, ошол себептүү аялдын ыраазычылыгын алып, баркына жетип жашоо керек. Биздин коомдо аялды урат десе эле тепкилеп жатып калышат, ошондой эле аялдар да күйөөм мени урса, жакшы көрөт деп ойлоп жашай беришет," – дейт Жамал айым.

Үй-бүлөдө казан-аяк кагышып турат дегендей, турмушта ар кандай учурлар кездеше берет. Бирок жашоонун маңызы болгон аялзатына сый көрсөтүп, аздектебестен, алардын мээримин, аруулугун тепселеп кол көтөргөн эркектер өздөрүнүн алсыздыгынан кабар беришет. Айтылуу көйгөй курчуп, курмандыктары көбөйүп кете электе коомчулук, мамлекет өз учурунда чара көрүп, алдын алуулары абзел.



# Айкөлдүн сүйүүсү – 12

## Кумурзстанда хайлалоо болот

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Кумурзстанда жашоо күн өткөн сайын кызыктуу тартып барат. Бирок бул кызык хайлалоо өткөнгө чейин гана болчу көрүнүш. Себеби буга чейин деле ушундай болуп келген. Хайлалоого аз калганда Кумурзстандын мыркиялары саратандай эле дуулдай башташат. Буга чейин ийнеликтей ырдап-чоордоп жаткан немелер так ушул хайлалоо болоордо өздөрүнүн кумурска экенин эстешет. Тим эле ары-бери күжүңдөп чуркап, оңду-солду чапкылап калышат андайда. «Биз кумурскалык милдетибизди кылабыз! Биз иштейбиз!» деп көрүнгөн жерде жыйналыш куруп, бал чачышат.

Андан дагы алардын так ушул хайлалоо аз калганда жаандан кийинки сөөлжандай быжырап чыга келгени бир укмуш. Мынча мыркия мурда кайда жүргөнү белгисиз. Мынча мыркия мурда эмне иш кылганы белгисиз. Кумурзстанда тапталбаган жолдор, казылбаган ийиндер, тосулбаган тосмолор толтура. Деги жасала турган жумуш көп. Чети оюлбай турат. А мыркиялар болсо канчадан бери эле баарын кыйратабыз деп ант берип атышат. Ант берип атышат, ант берип атышат. Ант берген жагынан деги алдыга эч кимди чыгарбайт.

Анан калса «Кумурзстан» аттуу мыркиялар да көбөйдү. «Бүтүн Кумурзстан», «Катта Кумурзстан», «Расса Кумурзстан» жана башка, жана башка. Хайлалоого чейин оздору менен оромпой тээп атканы менен булардын кылган иштери такыр башка. Мисалы, жаңы түптөлгөн «Кумурзстан» аттуу мыркия ачыткы саткан кумурсканыкы. Ал ушу кезге чейин бүтүндөй Кумурзстанды ачыткы менен уулап келген. А бүгүн болсо эң таза, эң ак жүрөк кумурсканын кебин айтып отурат.

А кай бир мыркиянын кумурскаларын болсо эч ким тааныбайт. Анык ийнеликтер ошолор. Эч бир иш кылышкан эмес. Иш кылгыдай дармандары деле жок. Бирок, эптеп хайлалоодон өтүп, Жогорку Данекке данекбаш болуп кирип алса, анда анык кутурган ийнелик болот. Негизги максат ошол. Андайлар буга чейин ар кандай жолдор менен таап алган капусталарын таңгак-таңгак кылып чачып атышат. Айтмакчы, алар капустаны да аябай жакшы көрүшөт. Капуста үчүн керек болсо өзүнүн мурутун да сатып ийгенге даяр.

Баса, хайлалоого катышуулардын арасында сайгакка окшош кумурскалар да бар. Кудум эле сайгактын өзү. Айрыкча хайлалоого аз калганда ого бетер окшошуп калышат. Качан көрбө кимге барып сайылаарын билбей улам бир мыркияга чуркап жүрүшкөн болот. Азыркы Жогорку Данекте да бар сайгак сымалдар. Ар кимдин артына сайылып жүрүп кирип алышкан. Ошондон бери жылуу жерде отурушкан болчу. Мына эми алар кайра сайгактана башташты.

Бокчу коңузду тарткан кумурскалар бар. Эмне көрсө үйүп-жыя беришет. Чогултканын жоготуп албаш үчүн ким эмне талап койсо макул болушат. Алар үчүн ыйык эч нерсе жок. Бокчу коңузга малдын кыгы кандай керек болсо, буларга капуста ошондой керек. Кайдан чыкты, кандай чыкты, кыкпы, тезекпи, катуубу, суюкпу бокчу коңуз ылгабайт. Бул данекбаштар да ошондой. Эч нерсени ылгабайт. Болсо эле болду. «Жок жаман, бок жакшы» деген анык ушулардын нуска сөзү.

Жөргөмүш сымалдары бар. Торуна түшкөндү аябайт. Жыбыраган балдарын туш тараптан жайнатып жердин баарын тор жайгысы келет. Илгери Кутурман бек Бакс так ушундай болчу. Желесин улуу жайган жөргөмүшкө окшош эле. Кайсы тарапты караба анын торуна чалынаар элең. Бир да адам кутула алчу эмес. Кылт эткенди кактабай канын сорчу. Мына ошондойлор азыр да бар. Азыр дагы эптеп эле көз мындай болсо торун жайганы турушат. Хайлалоодон хайлалоого чуркап жан алакет кылып жүрүшөт.

Битке окшогон данекбаштар бар. Дегеле үнү чыкпайт. Жыбылжып гана «сен жакшы, мен жакшы» болуп жүрүшөт. Кайсы мыркиянын ычкыры бошосо ошого дароо кирип алышат. Чынында Жогорку Данектеги жүз жыйырма данекбаштын көпчүлүгү ушул бит сымалдар. Тумшугун сайып алып гана жалпы Кумурзстандын эсебин соруп отурат. Деги аларды тазалаш дагы кыйын экен. Жыйырма жылдан бери эле «буларды тазалаш керек, тымпыйган данекбаштар бар. Эч иш кылбайт. Үнү да чыкпайт» деп айтып келатышат айтып келатышат. Бирок, майнап жок. Бир мыркиядан тазаласа дагы бир мыркияда жүрүшкөн болот. Кантип кирип алганын билбейсиң. Негизи жалпы тазалаш керек да буларды. Бирөө тазалап, бирөө тазалабай койсо эле жоголбойт. Кайра көбөйөт андайда.

Кыскасы ушундай. Кумурзска сындуу кумурска жок мыркияларда. Бирден коңузду дүңкүйтүп минип алышат. Анын баскан турганын да элдин эсебинен алат. Жеген ичкенин да элдин эсебинен алат. Дүңкүйгөн коңуздары жолдун жаман жакшысын да сезбейт экен. Кумурзстандын жолдору болсо жарабай калган. Жолду оңдой турган данекбаштар менен манекбаштар аны байкабайт. Сезип да койбойт. Байкуш өз чөнтөгүнөн чыгарып эл кайда көчөт миңген карапайым кумурскалар эле кыйналды. Жолдун азабын ошолор эле тартат. Эл кайда көчөттөр жаман жолдо бир заматта ооруп калат экен. Анан аларды дарылатыш керек, буттарына така кагыш керек. Ошонун баары эле капуста да. Ошондон уламбы качан болбосун хайлалоо болордо мыркиялар «жолдорду оңдойбуз» деп кыйкырып калышат. Бечара кыйналып турган кумурскалар ага ишенип добушун аянбай беришет. Мына анан добуш алгандан кийин бүттү. Баягы жол оңдойм деген немелер данекбаш болоору менен дайны жок жоголот. Бүргө менен издетсең да таппайсың.

Жол эле дейсиңби бу Кумурзстандын көйгөйү. Мисалы чек ара деген олчойгон маселе качантан бери чечилбей турат. Баткуялыктар куурады тажкур кумурскалар менен согушуп атып. Ай сайын ошол жакта чатак башталат. Тажкур кумурскалар дагы тажабаган немелер экен. Мына тынчып калды деп турсаң эле мурутун жанып чыга калышат. Өткөндө да эки тарап чатакташып кетти. А биздин мыркияларга бул жага бербей калат да. Дароо Баткуяга барышты дагы «бизди шайласаңар чек ара чечилет» деп кыйкырып башташты. Ой эми көрөбүз го. Хайлалоо сайын чек араны чечебиз дешет. Айтмакчы, эгер биздин хайлалоого Тажкурзстандык тажкур кумурскалар да катыша турган болгондо, хайлалоодон утуш үчүн Баткуяны эчак аларга берип коюшмак. Уялбайт булар андайдан. Жалаң өзү чыгарган ачыткы үчүн хайлалоого катышып аткан немелер ачыткыдан башкага кызыкмак беле. «Урдум Баткуя саткуяңды» дебейби. «Тажкурлар ачыткы ичсе болду. Калганы мени кызыктырбайт» дешет.

Мына ушундай Кумурзстандагы хайлалоонун башталышы. 34 мыркия хайлалоого катталды деп атышат. Баары эле «Кумурзстан үчүн» деп көккүрөк кагып турушкандай. Бирок, алар көкүрөк каккан сайын Кумурзстан өпкөдөн кагынып алсырап, ыркыйып баратат.

Ал эми хайлалоо алдындагы шаанышөкөттүн жүрүшү тууралуу айта турган болсок, эң негизги тартипти Шаша Хахамбайдын «Кумурзстан Сотсуял Дөөбрат Мыркиясы» бузууда. Себеби Башкы Буйрук боюнча көчөлөрдөгү чоң жалбырактарга азыр эч бир мыркия өзү тууралуу жазбаш керек эле.КСДМ болсо бети кызарбай эле жазып атат. Кыязы алар Башкы Буйрукту билбейт окшойт. Же «биз билгенди карапайым кумурскалар билбейт» деп ойлошобу. Айтор тентектикти өздөрү биринчи баштап койду. Негизи эле «бүргө башынан сасыйт» деген бабасөзү туптуура айтылган тура. Хахамбай Башкы Буйрукту карабаса дагы ушул сөздү карап койсо эмне...

Сунуш жана пикирлер үчүн:
saresepaikol@mail.ru




Facebook (фейсбук) дүйнөдөгү эң ири социалдык тармактардын бири.

«Китептин бети» деген маанини берет. Аталган тармак 2004-жылы 4-февралда Марк Цукерберг тарабынан ачылган. Ошол учурда Марк Гарвард университетинде окучу. Алгач бул веб-сайт «The Facebook» деп аталып, Гарвард университетинин студенттери гана колдоно алышса, аз убакыт өтпөй каттолуу Бостондун башка окуу жайларында да уланып, андан соңңАКШнын бардык студенттерине тараган. 2005-жылы компания «The» деген белгини алып, «Facebook.com» деген аталышты калтырган. 2006-жылдын сентябрь айынан тарта 13 жаштан жогору электрондук почтасы бар интернет колдонуучуларына бул тармак менен пайдаланууга мүмкүнчүлүк ачылган. Бүгүнкү күндө активдүү колдонуучулардын саны күнүнө 936 миллиондон ашса, айына 1,44 миллиардга жетет. Жарнама берүүчүлөрдүн саны 2 миллион.

Күнүнө жиберилген каттардын эсеби 45 миллиард болсо, видео көргөндөрдүн саны 4 миллиард. Бир күндөгү «жакты» (нравится, like) белгиси 7 миллиарддан ашуун жолу басылса, жарыяланган сүрөттөр 2 миллиардга жеткен. 2013-жылы сайттын кирешеси 2,804 миллиард долларды түзгөн. Анын 73 пайызы жарнамадан түшөт. Мына ушундай олчойгон кирешенин артынан Марк Цукерберг 23 жашында планетанын эңңжаш миллиардери болгон. 2014-жылы Фейсбуктун колдонуучуларынын саны 1 миллиард 200 миллион адамга жетсе, анын 170 миңден ашууну кыргызстандыктар. Күн сайын 80 миңдей мекендештерибиз бул тармакка баш багышат.

### Кызыктуу фактылар

2011-жылы болгон Мисирдеги революциянын катышуучусу өзүнүн кызына Фейсбук Жамаль Ибрагим деген ысымды берген. Себеби ошол учурдагы революцияда бул социалдык тармак маанилүү ролду ойногон.

Америкалык Дэвид Киркпатрик аттуу жазуучу «Социалдык тармак. Кантип Фейсбуктун негиздөөчүсү 4 миллиард доллар таап, 500 миллион адам менен достошту?» деген китеп жазган.

2010-жылы Фейсбуктун түзүлүшүнө арналган «Социалдык тармак» аттуу фильм тартылган.

Фейсбукту колдонууга тыюу салынган өлкөлөр: Иран, Кытай, Пакистан, Сирия, Бангладеш, Түркмөнстан жана Тажикстан.

## Детектив

Холмс менен анын жардамчысы Уотсон бир түн кырда түнөп калышат. Түн бир оокумда Холмс жардамчысын түрткүлөп ойготот да: «Уотсон, жылдыздарды кара, мындан кандай жыйынтык чыгарганыңды айт» дейт.

– Миллиондогон жылдыз көрүп турам. Кээсинин жандоочусу да бар! Жерге окшогон планеталар болушу ыктымал. Мындай планеталар сейрек болсо да космостун башка бир жерлеринде жашоого ыңгайлуусу да табылышы ыктымал...

– Акмак, чатырыбызды уурдап шиптир!





# Кантип кол коёсуз?

Психологдор адамды кол тамгасынан да таанып-билүүгө болорун айтып келишет. Бирок ар түрдүү адамдын кол тамгасынан жалпы окшоштуктарды да байкоого болот. Адам баласы дайым кызыгуу менен жашайт эмеспи, башканы эмес, өзүбүздүн кандай мүнөзгө ээ экендигибизди билсек да кайра эле таанып билгибиз, салыштыргыбыз келе берет. Анда башкаларды жана өзүн дагы да жакындан билейин дегендерге...

**1. Кол коюунун өлчөмү**
а) Өтө чоң – орчундуу ойлонуу
б) Тыкан – конкреттүү ой жүгүртүү

**2) Кол коюунун узундугу**
а) Узун – белгилүү бир маселени чечүүдө терең ойлонгон тырышчаак.
б) Кыска – белгилүү бир маселеге карата чечимди тез чыгарып, бир калыптагы иштерди жаман көрөт.

**3) Кол коюунун тиби**
а) Тегерек – жумшактык, ак көңүлдүк, салмактуулук.
б) Бурчтуу – чыдамсыз, бетке айткан, көз карандысыз, чынчыл, өжөр.

**4. Тамгалардын ортосундагы аралык**
а) Ачык болсо – марттык, ыксыз чача берүү.
б) Тыгыз – үнөмдүүлүгүн көрсөтөт, өтө эле майда болсо сараңдык.

**5) Кол коюудагы ар түрдүү элементтер**
а) Тегеректөө – идеясында катуу туруу.
б) Чийип коюу – этияттык, өжөрдүк.
в) Ар түрдүү сүрөттөр – чыгармачыл ой.
г) Элементтердин аралашмасы – оптимист болууга умтулуу.

**6) Кол коюунун жантайыңкылыгы**
а) Солго – адеп-ахлактуу, өз алдынчалуу.
б) Оңго – бир сырдуу, башкаларды түшүнө билген.
в) Түз – туруктуулук, акылмандуулук.
г) Ар жакка жантайып, ийилсе – түнт, көңүл кош.
д) Жаткан тамгалар – жеке олуттуу психологиялык проблема.

**7) Эң акыркы штрихтин багыты**
а) Өйдө – оптимизм.
б) Ылдый – пессимизм
в) Түз – тең салмактуулук.

**8) Кол коюуда чийип коюу**
а) астынан – өзүмчүл, таарынчаак, айланасындагылардын ой-пикирине көз каранды.
б) үстүнөн – менменсинүү.
в) сөздү бастырып үстүнөн чийүү – өзүнүн кемчилдиктерин көргөн, өзүнө алымсынбаган, ыраазы болбогон адам.

**9. Татаалдык, жөнөкөйлүгү**
а) жөнөкөй – принцип менен жашаган адам.
б) татаал – чымындан пил жасаган адам.
в) оригиналдуу – чоң чыгармачылык.

**10. Түшүнүктүүлүгү**
Канчалык түшүнүктүү болсо, ошончолук ачык адам.

**11. Кол тамга коюудагы басым**
а) ашыкча басым – агрессивдүүлүк.
б) алсыз басым – түнттүк.
в) күчтүү басым – ишенимдүүлүк.

**12. Кол коюуда «куйругунун» узундугу**
Кол тамганын «куйругу» канчалык узун болсо, адам башка бирөөнүн оюна кошулгусу келбегендик жана этияттыктын бир белгиси болуп саналат. Ал эми канчалык кыска болсо, ошончо бейгам киши болот.

## «Коркунучтуу элементке» карата коопсуздук маалыматы

Элемент: Аял
Белгиси: WO
Атомдун оордугу: 53,6 кг. 40 кг дан баштап 120 кг га чейин.
Кайсыл жерлерде болот: Жер планетасындагы бүтүндөй түз жана тоолуу, дөңсөө жерлерден көрсө болот.

**Физикалык өзгөчөлүктөрү:**
1. Сырты түстүү плёнка менен капталуу.
2. Түрдүү жылуулукта кайнайт.
3. Себеби жок тоңот.
4. Өзгөчө мамиле жасалганда көңүлү өтө ачык болот.

**Химиялык өзгөчөлүктөрү:**
1. Алтын, күмүш, платина жана баалуу таштар менен тууганчылыгы бар.
2. Көп өлчөмдөгү кымбат баалуу нерселерди өзүнө ала алат.
3. Эч кандай белги көрсөтпөй туруп эле жарылып кетет.
4. Себепсиз эле бир жерге кетип кала алат.
5. Күчтүү агент.



Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925
САРЕСЕП
**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова.
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова.
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров. Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31 Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева.
**Design:** Эдил Айдаров
**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити
**Нускасы:** 4500
**Буйрутма № 2033**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.